**2025-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**

# Отчет

**Аудиттин негизи:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2026-жылга карата иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2026-жылдын 29-майындагы № 09-1/463, 2026-жылдын 8-июнундагы № 09-1/487 буйруктарына ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору П.С. Батировдун, 2026-жылдын 20-апрелинен тартып З.А. Сатаевдин жетекчилиги алдында, башкы мамлекеттик инспекторлор Д.А.Арстанбеков (топтун жетекчиси) жана З.С. Солпуева, мамлекеттик инспекторлор А. Абдуллаев, А.Н. Абдырахманов, Д.Р. Авазов, А.Омурсаков, М. Макешов, Жаныбек уулу А., Турдубай уулу Т., И. Сабырканов, К. Торобеков, С. Утуров, курулуш адистери З. Кыралиев, Д. Кубанычбеков, М. Толубаев тарабынан Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинде жана анын ведомстволук мекемелеринде 2025-жылдын 1-январынан тартып 2025-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү (окуу жайларынын тизмеси №1 тиркемеде берилет).

## Жоопту тараптар жана аудит субъектиси

Бул аудитке карата жоопту тарап жана аудит субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги (мындан ары – Министрлик) жана ага караштуу мекемелердин жетекчилиги саналат.

## Жоопту тараптын милдеттери

Министрликтин жана ага караштуу мекемелердин жетекчилиги бюджеттик жана атайын каражаттардын тескелишине жана мыйзам чегинде ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууга жоопкерчиликтүү.

## Аудитордун милдети

Аудитордун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Министрликтин жана ага караштуу мекемелердин ишинин мыйзамдардын талаптарына (аудит критерийлерине) шайкеш келүүсүнө байланыштуу өз алдынча тыянактарга келүүсүндө камтылган.

## Аудит предмети

Аудит предмети Министрликтин жана ага караштуу мекемелердин ишинин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында аныкталгандарга шайкеш келүүсүн, ошондой эле төмөндөгүлөрдү изилдөө болуп саналат:

• Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча эскертүүлөрдү жана сунуштамаларды аткаруу;

• Кирешелер жана чыгашалар бюджетинин түзүлүшүн жана аткарылышын талдоо;

• Эл аралык уюмдар тарабынан каржыланган министирликтин алдындагы өнүктүрүү долбоорлорунун ишмердүүлүгү, алынган кредиттик жана гранттык каражаттардын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланылышы;

• Дебитордук жана кредитордук карыз эсеби жана абалы;

• Эмгек акы жана башка төлөмдөр;

• Кызматтык иш сапар чыгымдары;

• Негизги каражаттардын, товардык-материалдык баалуулуктардын колдонулушу жана сакталышы;

• «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» КР Мыйзамынын сакталышы;

• Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалы.

**Аудит критерийлери**

Аудиттин предмети болуп, төмөнкү ченемдик укуктук документтерде белгиленген максаттарга жана критерийлерге ылайык, бюджеттин аткарылышын баалоо болуп санаталат:

-Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;

- Кыргыз Республикасынын салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодекси;

-Кыргыз Республикасынын Салык Кодекси;

-Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;

-“Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

-“Илим жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;

-“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

-“Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Мыйзамы

- “Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

- “Патенттик ишенимдүү өкүлдөр жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

- “Товардык белгилер, тейлөө белгилери, географиялык көрсөтмөлөр жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары жөнүндө” Кыргыз Республкиасынын мыйзамы;

- “Кыргыз Республикасынын 2025-жылга жана 2026-2027-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамы;

-Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы № 231 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын жана Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартиби жөнүндө” токтому;

-Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 434 “Мамлекеттик кызматчылардын категориясына кирбеген жана мамлекеттик мекемелерде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 30.03.2022-жылдагы № 181 “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.05.2009-жылдагы № 300 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” Жобо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 4-декабрындагы № 778 токтомуна ылайык күчүн жоготту);

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 “Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди каржылоодо ар жылдык отчеттор боюнча эсеп-кысаптарда товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарын жана фонддордун калдыктарын эсепке алуунун тартиби жөнүндө” нускамасы;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу

секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары боюнча жүргүзүлүшүн баалоо;

- "Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги жөнүндө" жобосу жана башка министрликтин жана ага караштуу мекемелердин ишин жөнгө салган ченемдик документтер.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Аудит INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле, аудиттин предмети анын бардык олуттуу аспекттеринде мыйзам чыгаруучу жана жөнгө салуучу ченемдерге ылайык келгендиктен, негиздүү ишеним алуу үчүн аудит өткөрүүнү жана пландаштырууну талап кылат.

**Аткарылган иштерди кыскача баяндоо**

Ушул аудиттин жүрүшүндө министрликтин жана ага караштуу мекемелердин ишине тиешелүү болгон ченемдик укуктук актылар, ошондой эле ички ченемдик документтер колдонулду. Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасы менен макулдашылган программага ылайык, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан мурдагы жүргүзүлгөн аудиттин жазма буйругунун аткарылышы боюнча көрүлгөн чаралар, бюджеттик, атайын каражаттардын максаттуу жана ченемдик документтерге шайкеш пайдаланылышы, касса жана банк операциялары, эмгек акылардын туура төлөнүшү, иш сапар чыгымдарынын тууралыгы, негизги каражаттар, товардык материалдык баалуулуктардын кириштелиши, автотранспорт каражаттарынын, дебитордук карыздардын, курулуш иштеринин, мамлекеттик сатып алуулардын талаптарга ылайыктыгы камтылды.

Аудиттелген мезгилге карата каржылоону бөлүштүрүлчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелген:

- биринчи кол коюу укугу менен: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин директору болуп Керимбаева Р.Т. 2021-жылдын 10-августунан 2025-жылдын 19-майына чейин, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновация министри Орозов Б.С. 2025-жылдын 15-майынан 2025-жылдын 15-декабрына чейин, Исаматова Г.Т. 2025-жылдын 26-декабрынан тартып бүгүнкү күнгө чейин иштеп келе жатат.

- экинчи кол коюу укугу менен: башкы бухгалтер Асаналиева Р.К. аудит камтылган мезгил аралыгында толук иштеген.

Аудит үчүн берилген документтердин, маалыматтардын жана материалдардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" конституциялык мыйзамынын 29-беренесине ылайык министрликтин жана ага караштуу мекемелердин жетекчилиги жана кызмат адамдары тартат.

**Аудит субъектиси боюнча кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы № 390 токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин илим, жогорку, орто, жогорку окуу жайдан кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин базасында түзүлгөн жана алардын укуктары жана милдеттенмелери боюнча укук улантуучусу болуп эсептелет.

Министрликтин негизги максаты жогорку, орто, жогорку окуу жайдан кийинки, кошумча кесиптик билим берүү, илим, илимий-техникалык, инновациялык иш, интеллектуалдык менчикти укуктук коргоо жана сактоо, илимий-технологиялык жана чыгармачылык өнүгүүгө көмөк көрсөтүү, улуттук инновациялык системаны өнүктүрүү, жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жана аттестациялоо чөйрөсүндөгү бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу болуп саналат.

Министрликтин курамына жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдары, Жогорку аттестация комиссия, Интелектуалдык менчик мамлекеттик фонду жана “Инновациялык борбор” мамлекеттик мекемеси кирет.

**Корутунду**

Жүргүзүлгөн аудиттин натыйжасында, биз төмөнкү жазылган жагдайларды кошпогондо, бюджеттик каражаттарды пайдаланууда, маанилүү аспекттеринде мыйзам талаптарына шайкештигин аныктадык.

**КР Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын жана сунуштарынын аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Интелектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агентигине 2021-жылдын 1-январынан 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджетинин аткарылышына шайкештик аудитти Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору Б.А.Рыскулиевдин жетекчилигинде мамлекеттик инспекторлор К.Р.Чулуев жана Ж.А Салиев тарабынан жүргүзүлгөн. Аудиттин жыйынтыгы боюнча 2024-жылдын 13-июнунда 3 пунктан турган чыгуу № 01-20/46 сунуштама берилип, аны аткарууга алгандыгы тууралуу 2024-жылдын 1-июлунда чыгуу №1557 сандуу жооп жазылган.

**Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын пайдаланылышын талдоо**

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө алынган маалыматтарга ылайык, 2025-жылы министрлик жана анын ведомстволук мекемелери республикалык бюджеттен жалпы **1 724,8 млн сом** өлчөмүндө каржыланган. Анын ичинен: министрликтин Борбордук аппаратын кармоого – 96,3 млн. сом, борборлоштурулган иш-чараларга – 5,7 млн.сом (студенттердин инновациялык стартап-долбоорлорун каржылоого – 3,6 млн.сом, эксперттик кеңешке – 0,1 млн.сом, мамлекеттик тил программасы боюнча – 2,0 млн.сом), Кыргыз Республикасынын Президентинин резервдик фондунан "Эл үмүтү" программасына – 79,0 млн.сом, ведомстволук мекемелерине (Жогорку аттестациялык комиссия) – 14,2 млн.сом, жогорку окуу жайларын гранттык негизде каржылоого – 879,2 млн.сом, орто кесиптик окуу жайларына – 365,3 млн.сом, илимий-изилдөө иштерине – 285,1 млн.сом.

Мындан тышкары, 2025-жылы "Жогорку билим берүүдөгү сапат жана иновациялар" долбоору боюнча Дүйнөлүк Банк тарабынан 87,0 млн. сом (1,0 млн. АКШ доллары) каржыланган, долбоорду ишке ашыруу бөлүмү тарабынан 6,7 млн. сому же 7,7%ы пайдаланылган, калган 80,3 млн. сому 2025-жылдын 31-декабрына карата өздөштүрүлбөстөн "Элдик Банк"ААКтагы атайын эсебинде калган.

**Корутунду**

2025-жылга "Жогорку билим берүүдөгү сапат жана иновациялар" долбоору боюнча Дүйнөлүк Банк тарабынан каржыланган 87,0 млн. сомдун (1,0 млн. АКШ доллары 6,7 млн. сому) же 7,7%ы өздөштүрүлгөн.

**Сунуштама**

"Жогорку билим берүүдө сапат жана инновациялар" долбоорлору боюнча алынган акча каражаттарын өз учурунда жана толук өздөштүрүү иштери жүргүзүлсүн, долбоорлорду ишке ашырууда кечиктирилген план тапшырмаларага жана өздөштүрүлбөй калган акча каражатына жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Жогорку жана орто кесиптик билим берүүгө бөлүнгөн каражаттар**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы № 231 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин баштапгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарын жана Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарын каржылоо тартиби жөнүндө" токтому менен төмөнкүдөй каржылоо тартиби бекитилген:

- баштапгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарынын чыгымдарын бекитилген типтүү ченемдерге ылайык билим алуучулардын санынын негизинде аныктоо, экономикалык классификациянын чыгымдарынын бардык беренелери боюнча бекитүү жана бөлүштүрүү;

- жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын чыгымдарын бекитилген мамлекеттик билим берүү грантынын базалык деңгээлинин негизинде грант

алуучулардын саны боюнча аныктоо, экономикалык классификациянын чыгымдарынын бардык беренелери боюнча бекитүү жана бөлүштүрүү;

- Кыргыз Республикасынын өзгөчө статуска ээ болгон жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына грант алуучулардын саны боюнча аныкталган гранттык каражаттардын көлөмүн министрликтин "Борборлоштурулган иш-чаралар" чыгымдар сметасындагы бирдиктүү беренесинен мамлекеттик катышуу үлүшү бар коммерциялык банктардагы банктык эсептерине которуу. Мында атайын (бюджеттен тышкаркы) каражаттарын казыналык системасынан тышкары коммерциялык банктардагы банктык эсептеринде жүргүзүү каралган.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жөнүндө" жобонун 25 жана 26-пункттарында билим берүү уюмдары ыйгарым укуктуу органга гранттык жана бюджеттик негизде окуган студентти окуудан чыгарган учурда бул жөнүндө расмий билдирүүгө жана квартал сайын гранттык жана бюджеттик негизде окуган студенттердин саны жөнүндө маалыматтарды берүүгө жана алар боюнча финансылык отчетторду ведомстволук таандыктыгына ылайык тапшырууга милдеттүү экендиги көрсөтүлгөн.

Аудиттин жүрүшүндө гранттык негизде окуган студенттердин саны жана алардын санына жараша жүргүзүлгөн каржылоо боюнча так отчеттук маалыматтар берилген жок.

2025-жылдын экинчи жарым жылдыгында жаңыдан түзүлгөн министрлик мурдагы министрликтен өткөрүлүп берилген, финансы жылынын башындагы гранттык негизде окуган студенттердин болжолдуу санынын негизинде эсептелип бекитилген бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасына ылайык, гранттык негизде иш жүзүндө окуган студенттердин так санын аныктабастан каржылоону жүргүзгөн.

Жыйынтыгында, 2025-жылы гранттык негизде окуган студенттерге ашыкча каржыланган акча каражаттары 2026-жылы аудиттин жүрүшүндө **КМТУ** тарабынан – **2 300,0** миң сом (21.04.2026-ж. төлөм тапшырыгы боюнча), **Талас МУ** тарабынан – **1 404,1** миң сом (18.02.2026-ж. төлөм тапшырыгы боюнча) кайтарылган.

Ошону менен бирге, 2025-жылга КМТУнун такталган бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасында кассалык чыгымдарга салыштырмалуу **43 562,7 миң сомго**, анын ичинде стипендиялар боюнча **42 077,0 миң сомго** ашыкча бюджеттик ассигнование каралгандыгы аныкталды. Ал эми КМУга **2 024,8 миң сом** өлчөмүндө ашыкча бюджеттик ассигнование каралып, анын натыйжасында көрсөтүлгөн каражаттар финансылык жылдын аягына карата өздөштүрүлбөй калган.

**Бишкек архитектура жана курулуш башкаруу колледжинде** бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы баштапкы түзүлгөн сметага салыштырмалуу министирлик тарабынан негизсиз жалпы 2 186,8 миң сомго

көбөйтүлүп, 24 302,0 миң сом суммасында такталган. Натыйжада кассалык чыгымдар 22 115,2 миң сомду, анык чыгымдар 21 709,8 миң сомду түзгөн.

**Бишкек автомобил-жол колледжи** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы № 231 токтомуна ылайык бюджеттик гранттын эсебинен окуган студенттердин санына эсептелген суммадан **401,3** миң сомго көп каржыланган.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 жана 2024-жылдын 10-майындагы № 231 токтомдоруна ылайык бюджеттик гранттын эсебинен окуган студенттердин санына жараша каржылоо камсыздалган эмес. Жыйынтыгында, бюджеттен ассигнованиелерди ашыкча кароого жана каржылоого жол берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 жана 2024-жылдын 10-майындагы № 231 токтомдоруна ылайык бюджеттик гранттын эсебинен окуган студенттердин санына жараша каржылоо камсыздалсын, ашыкча бюджеттик ассигнованиелерди кароого жана каржылоого жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы № 231 токтомунун 5-пунктунда Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору мамлекеттик билим берүү грантынын негизинде кабыл алынып, окуудан чыгарылган студенттерди окутууга сарпталган каражаттардын ордун республикалык бюджетке толтуруу боюнча чараларды көрүүсү, 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө” Жобосунун 16-пунктунда педагогикалык, фармацевттик же медициналык адистиктер боюнча окууну аяктагандан кийин жолдомо боюнча иштөөдөн баш тартканда жана жүйөөсүз себеп же өз каалоосу боюнча окуудан чыгарылганда (жүйөлүү себептер - ден соолугунун абалы, туруктуу жашоо үчүн республиканын чегинен сырткары кетүү, ырастоочу документтери берген учурда) бюджеттик орундун өлчөмүндө билим берүү уюмунун адисти даярдоого чыгымдарынын ордун толтурууга милдеттүү экендиги көрсөтүлгөн.

2025-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча 35 окуу жайында жолдомо боюнча иштөөдөн баш тарткан жана жүйөөсүз себеп же өз каалоосу боюнча окуудан чыгарылган студенттерден өндүрүлө элек жалпы **59760,5** миң сом суммасында карыздар бар экендиги белгилүү болду, анын ичинен **1322,6** миң сом калыбына келтирилген (№2 тиркеме).

**Корутунду**

2025-жылга жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча 35 окуу жайында жолдомо боюнча иштөөдөн баш тарткан жана жүйөөсүз себеп же өз каалоосу

боюнча окуудан чыгарылган студенттерден өндүрүлө элек жалпы **58437,9** миң сом суммасында карыздар бар экендиги аныкталган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 жана 2024-жылдын 10-майындагы № 231 токтомдорунун талаптарына ылайык билим берүү грантынын негизинде кабыл алынып, жолдомо боюнча иштөөдөн баш тарткан жана окуудан себепсиз чыгарылган студенттерден окутууга сарпталган жалпы **58437,9** миң сом суммасындагы карыздарды өндүрүү боюнча натыйжалуу иш-аракеттер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Нарын МУ боюнча 2 студенттен өндүрүлгөн 73,2 миң сом республикалык бюджеттин эсебине которулбай Нарын МУнун "Элдик Банк" ААКсынын Нарындагы филиалынын счетунда тургандыгы аныкталды.

**Корутунду**

Нарын МУ боюнча 2 студенттен өндүрүлгөн 73,2 миң сом республикалык бюджеттин эсебине которгон эмес.

**Сунуштама.**

Нарын МУ боюнча 2 студенттен өндүрүлгөн 73,2 миң сомду республикалык бюджетке которуу камсыздалсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө" Жобосунда даярдоо багыттары жана адистиктер боюнча гранттык орундарды бөлүүгө өтүнмө билим берүү уюму тарабынан эмгек ресурстарына болгон керектөөнүн жыйынды болжолуна киргизилген адистиктер жана багыттар боюнча бериле тургандыгы жана берилген өтүнмөлөрдүн негизинде ыйгарым укуктуу орган тиешелүү окуу жылына гранттардын, бюджеттик орундардын негизинде даярдоо багыттарынын, адистиктердин жана кабыл алуу көлөмүнүн тизмегинин долбоорун түзө тургандыгы .көрсөтүлгөн.

*"Манас" университети* Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине жолдонгон 2024-жылдын 30-декабрындагы №R.30.2024-044 катында, 2025-2026-окуу жылына мамлекеттик гранттар боюнча квоталарды тиркемеде белгиленген багыттар боюнча жалпы 111 орунга берүүнү сураган жана мурдагы окуу жылдары үчүн гранттык орундарга квота кээ бир багыттар боюнча университет пландаштырган инфраструктуралык жана окутуу мүмкүнчүлүктөрүнөн жогорку көлөмдө берилгендигин белгилеген.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин 2025-жылдын 10-июлундагы №08 буйругу боюнча, "Манас" университетине 2025-2026-окуу жылына гранттык орундарга абитуренттерди кабыл алуу квотасы 137 орунга берилген, же окуу жайы сураган 111 орунга кошумча 26 орун окуу багыттары көрсөтүлбөстөн

бөлүнгөн, анын ичинен 25 орун майыптарга жана жетимдерге, 1-орун кайрылман программасы боюнча. Факт жүзүндө кошумча бөлүнгөн 26 гранттык орундун ичинен: 15 орунга жетимдер жана майыптар, 11 бош калган орунга ЖРТнын жыйынтыгы боюнча кошумча абитуриенттер кабыл алынган.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө" Жобосунда белгиленген ыйгарым укуктуу орган тиешелүү окуу жылына бюджеттик орундардын даярдоо багыттарынын, адистиктердин жана кабыл алуу көлөмүнүн тизмегинин долбоорун билим берүү уюму тарабынан эмгек ресурстарына болгон керектөөнүн жыйынды болжолуна киргизилген адистиктер жана багыттар боюнча берилген өтүнмөлөрдүн негизинде түзүү талабы сакталбагандыгын белгилөөгө болот.

"Манас" университети мамлекеттик гранттар боюнча квоталарды жалпы 111 орунга берүүнү сураган. Ошол эле учурда, 2025-2026-окуу жылына 137 орунга квота берилген, же кошумча 26 орун окуу багыттары жана адистиктери көрсөтүлбөстөн бөлүнгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы № 355 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө" Жобосунда белгиленген талаптарга ылайык тиешелүү окуу жылына бюджеттик орундардын даярдоо багыттарынын, адистиктердин жана кабыл алуу көлөмүнүн тизмегинин долбоорун билим берүү уюму тарабынан эмгек ресурстарына болгон керектөөнүн жыйынды болжолуна киргизилген адистиктер жана багыттар боюнча берилген өтүнмөлөрдүн негизинде түзүү камсыздалсын.

**Илимий жана илимий-техникалык иштерди каржылоо**

Министрлик берген маалымат боюнча, учурда республикада илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн 72 илимий институт жана борборлор бар, алардын ичинен 51 илимий-изилдөө жана илимий-техникалык уюм (ИИИТУ) юридикалык жак макамына ээ. Алардын 37си тармактык илимий уюмдар (министрликтерге жана ведомстволорго караштуу), 3-сү өз алдынча илимий уюмдар (Жерди колдонмо изилдөөлөр боюнча Борбордук Азия институту, Эл аралык тоо институту, Кыргыз Республикасынын Инженердик академиясы), ал эми 11-и жогорку окуу жайлардын алдындагы илимий уюмдар болуп саналат.

2025-жылы илимий жана илимий-техникалык иштерди каржылоо республикалык бюджеттен Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин (мурдагы – Билим берүү жана

илим министрлиги) Илим фондуна каралган каржаттардын эсебинен жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-апрелиндеги № 177 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Илим фонду жөнүндө Жобого ылайык, илим фондунун ишинин максаты илимди, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишти өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү, келечектүү иштеп чыгууларды өндүрүшкө киргизүү болуп саналат. Жободо "илим фондунун каражаттарынан каржылоо боюнча чечимдер илимий-техникалык кеңештин сунуштамаларына ылайык илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан кабыл алынат" деп көрсөтүлгөн. Ошондой эле, илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жыл сайын программалык-максаттуу жана гранттык каржылоо үчүн финансылык каражаттардын көлөмүн көрсөтүү менен мамлекеттик илимий, илимий-техникалык программалардын жана фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдүн долбоорлорунун жана базалык каржыланууга тийиш болгон илимий жана илимий-техникалык уюмдардын тизмелерин аныктай тургандыгы көрсөтүлгөн.

Илимий жана илимий-техникалык иштерди каржылоого 2025-жылы республикалык бюджеттен илим фондуна 235,8 млн.сом каралган, 319,8 млн. сомго каржылоо планы такталган, 285,1 млн.сомго каржыланган, же такталган планга салыштырмалуу 80% аткарылган.

2025-жылы базалык формада 3 илим изилдөө мекемеси 37 340,2 миң сомго, программалык-максаттуу каржылоого 34 илим изилдөө мекемелери алынып 247 795,8 миң сомго каржыланган.

**Аныкталды.**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Илимий-техникалык кеңешинин (ИТК) 12.03.2025-жылдагы №2 протоколунда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 27.09.2024-жылдагы №1490/1 буйругу менен бекитилген "Базалык каржылоо формасы боюнча илимий жана илимий-техникалык уюмдардын тизмесин аныктоонун тартиби жана критерийлери жөнүндө" Жобонун талаптарына ылайык түзүлгөн ведомстволор аралык комиссия тарабынан базалык формада каржылануучу илим изилдөө мекемелеринин тизмеси бекитилген критерийлер боюнча (10 критерийдин 7 же андан ашыгы аткарылганда) аныкталып, ИТКнын жыйынында каралып бекитилгенге чейин базалык формада каржылоого укуктук ченемдик актыларда белгиленген 3 мекеменин тизмесин *(Ош изилдөөлөр институту, КЭУга караштуу Экономикалык илимий изилдөө институту, Эл аралык тоо институту)* убактылуу бекитүү сунушталгандыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 23.04.2025-жылдагы №437/1 буйругу менен базалык формада каржылануучу илим изилдөө мекеме катары 5 жылдык мөөнөткө бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 16-февралындагы № 26 “Өлкөнү туруктуу өнүктүрүүгө илимдин салымын жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгын аткаруу максатында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги № 221 токтому боюнча “Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн гуманитардык жана региондук изилдөөлөр институту” мекемеси Ош МУнун, “Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик Дж.Алышбаев атындагы экономика институту” мекемеси КЭУнун карамагына тиешелүү штаттарын, материалдык-техникалык базасын, жанаша аймактарын жана колдонуудагы каржылоо булактарын сактоо менен өткөрүлгөн.

**Эл аралык тоо институту** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 10-июнундагы № 341 “Кыргыз Республикасынын Президенти А.А. Акаевдин Кыргызстандын Эл аралык университетине болгон иш сапарынын жыйынтыгы боюнча иш-чаралар планын аткаруу жөнүндө” токтому менен түзүлүп, анын башкы башкаруу органы – директорлор кеңешинин курамы бекитилген.

Директорлор кеңешинин 11.06.1998-жылдагы жыйынынын чечими менен Эл аралык тоо институтунун Уставы бекитилген, анда анын түзүүчүлөрү катары Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана маданият министрлиги, Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясы жана Кыргызстан эл аралык университети, Институттун башында директорлор кеңеши тарабынан 5 жылдык мөөнөткө шайланган директор тура тургандыгы көрсөтүлгөн. Директорлор кеңешинин курамына Кыргыз Республикасынын Билим берүү, илим жана маданият министрлиги тарабынан 1998-1999-жылдары министр болуп иштеген С.Ж. Токтомышев, Кыргыз Республикасынын Илимдер Академиясынан президенти Ж.Ж. Жеенбаев жана Улуттук илимдер академиясынын Бийик тоолуу аймактар физиологиясы жана эксперименталдык патология институтунун директору А.С. Шаназаров, Кыргызстан эл аралык университетинен 4 адам (президенти жана 3 вице-президенти) кирген. Жогорудагы директорлор кеңешинин курамына кирген кызмат адамдары бүгүнкү күнгө чейин бир нече жолу алмашкандыгына карабастан, директорлор кеңешинин курамы кайрадан каралып бекитилген эмес.

Жогорудагы Эл аралык тоо институтун түзүү жана директорлор кеңешинин курамын бекитүү тууралуу кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 10-июнундагы № 341 токтому Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-январындагы № 9 токтомуна ылайык күчүн жоготкон.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-сентябрындагы № 511 “Мамлекеттик илимий жана илимий-техникалык уюмдар жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” токтомунда мамлекеттик илимий же илимий-техникалык уюмдун жетекчисинин кызмат ордуна мурда ушул токтом күчүнө киргенге чейин белгиленген тартипте дайындалган

адамдар ушул токтомго ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттик илимий же илимий-техникалык уюмдардын уюштуруу документтерин бекитүү жөнүндө тиешелүү чечими күчүнө киргенден кийин ээлеген кызмат ордуна кайра дайындалууга (тармактык ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жетекчисинин сунушусуз жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуусуз) тийиш экендиги жана кайрадан дайындалган мамлекеттик илимий же илимий-техникалык уюмдардын жетекчилери биринчи мөөнөткө дайындалды деп эсептелери көрсөтүлгөн.

Бирок, Эл аралык тоо институтунун уюштуруу документтери бүгүнкү күнгө чейин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 28-сентябрындагы № 511 “Мамлекеттик илимий жана илимий-техникалык уюмдар жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу” токтомуна шайкеш келтирилген эмес.

2025-жылга Эл аралык тоо институтуна республикалык бюджеттен 9 761,6 миң сом каралган, 9 448,4 миң сомго каржыланган, анын 8 581,4 миң сомун же 90,8% эмгек акы чыгымдары менен Социалдык фондго чегерүүлөр түзөт.

2025-жылга 20 штат бирдигине (административдик башкаруу персоналы – 2, негизги персонал – 15, кенже жана техникалык тейлөө персоналы – 3) 7 542,6 миң сом жылдык эмгек акы фонду бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 7-февралындагы № 64 “Илимий жана илимий-техникалык уюмдардын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жана штаттык саны жөнүндө” токтомунда (2025-жылдын 1-январынан баштап күчүнө кирген) “илимий жана илимий-техникалык уюмдардын штаттык санын кызматкерлердин жалпы санына жараша бөлүштүрүүдө: административдик-башкаруучу персонал – 10%дан көп эмес, негизги персонал – 75 %дан кем эмес, кенже жана техникалык тейлөөчү персонал – 15 %дан көп эмес” деп көрсөтүлгөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн токтомунун талаптарына ылайык, административдик-башкаруу персоналынын штаттык саны эки штаттык бирдиктен ашпоого, башкача айтканда директор менен окумуштуу катчыдан гана турууга тийиш болчу. Мекеменин уставында директордун илим иштери боюнча орун басары штат бирдиги каралган эмес, уставда “окумуштуу катчы илимий жана илимий-уюштуруучулук иштерге жооптуу болуп саналат жана директор убактылуу жок болгон учурда анын милдеттерин аткарат” деп көрсөтүлгөн.

Эл аралык тоо институту 2025-жылга бекитилген штаттык ырааттамасында административдик башкаруу персоналынын штаттык санын жогоруда ченемдик актыда белгиленген чегинен ашырбоо максатында, окумуштуу катчы 1 бирдигин жана кеңешчи 0,5 бирдигин негизги персоналдын курамына киргизип бекиткен. Жыйынтыгында административдик башкаруу персоналынын штаттык саны ченемдик актыда белгиленген чегинен 1,5 штат бирдике ашып кеткен.

2025-жылга бекитилген штаттык ыраатттамада кеңешчинин 0,5 штат бирдигин башкы бухгалтер, эл аралык кызматташуу бөлүм башчы штатынын 0,5 ставкасын окумуштуу катчы, тоо региондорунун туруктуу өнүгүүсү боюнча комплекстүү программаларды иштеп чыгуу бөлүмүнүн башчысынын 0,5 ставкасын илим иштери боюнча директордун орун басары тарабынан айкалыштырып иштөөсү каралган. Башка штаттык бирдиктер да айкалыштырып иштеген кызматкерлер тарабынан ээленген.

2025-жылга бекитилген иш планында иш багыттары, жалпы аткаруу мөөнөтү (1-4 квартал) жана жалпы 11 кишиден турган аткаруучулар көрсөтүлгөн.

Аудит жүргүзүү учурунда, Директорлор кеңеши (устав боюнча) тарабынан бекитилген институттун өнүгүү планы (анын ичинде илимий жана илимий-техникалык иштер боюнча), ошондой эле анын негизинде иштелип чыккан илимий жана илимий-техникалык иштерди аткаруунун календардык планы (так мөөнөттөрү жана жооптуу аткаруучулары көрсөтүлгөн) аудитке берилген жок.

**Ош изилдөөлөр институтуна** 2025-жылга республикалык бюджеттен сметалык чыгым 6 228,2 миң сомго бекитилген, жыл ичиндеги өзгөртүүлөр менен 12 650,7 миң сомго такталган, 12 295,8 миң сомго каржыланган, анын ичинен 11 346,8 миң сомун же 93,2% эмгек акы чыгымдары менен Социалдык фондго чегерүүлөр түзөт.

2025-жылга 28,5 штат бирдигине (административдик башкаруу персоналы – 2, негизги персонал – 22, кенже жана техникалык тейлөө персоналы – 4,5) 9 675,3 миң сом жылдык эмгек акы фонду бекитилген.

Мында, штаттык ыраатттама уставда көрсөтүлгөндөй Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилбестен Институттун директору тарабынан бекитилгендигин, 22 негизги персонал штат бирдигинин 13 бирдигин же 50% жогору бөлүгүн 0,5 ставкада кызмат орундарын айкалыштырып иштегендер (0,5 ставкада 4 бөлүм башчысы бар) түзө тургандыгын белгилөөгө болот. Ошондой эле, институттун Уставында институттун директору жашыруун добуш берүү жолу менен коллектив тарабынан 5-жылга шайлана тургандыгы көрсөтүлгөн. Ал эми, КР Билим берүү жана илим министрлигинин 15.03.2024-жылдагы №407/1 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын илимий-изилдөө институттарынын жетекчилерин дайындоо жана бошотуу" Тартибинде "институттун директору министрликтин макулдугу менен жогорку окуу жайдын жетекчиси тарабынан кызматка дайындалат жана бошотулат" деп көрсөтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 8-августундагы № 170 "Илим жөнүндө" мыйзамынын 11-беренесинин 3-пунктунда "кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык иши билим берүү уюмунун төрагадан, окумуштуу катчыдан жана илимдин багыттары боюнча жетектөөчү окумуштуулар болуп саналган мүчөлөрдөн турган илимий-техникалык кеңеши тарабынан башкарылат" деп көрсөтүлгөн. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим

министрлигинин 21.02.2024-жылдагы №281/1 буйругу менен бекитилген "КР жогорку окуу жайларынын илимий-техникалык кеңешинин ишмердүүлүгү жөнүндөгү" Типтүү жобосунда илимий-техникалык кеңеш окуу жайдын перспективдүү жана жылдык илимий иштеринин пландарын, аларды Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө сунуштарды иштеп чыгуу үчүн талкуулай тургандыгы көрсөтүлгөн. 2025-жылга илимий-техникалык кеңештин сунушу боюнча Окумуштуулар кеңешинин чечимдери менен бекитилген перспективдүү жана жылдык илимий иштеринин планы, анын аткарылыш мөөнөттөрү менен аткаруучулары көрсөтүлгөн календардык пландары аудитке берилген жок.

2025-жылы 2821 "Стипендия" беренеси боюнча 2 аспирантка 88,2 миң сомго стипендия төлөнгөн. Аудит учурунда алынган маалымат боюнча, институттун аспиранттарды окутуу боюнча лицензиясы жок экендиги белгилүү болду.

**КЭУга караштуу Экономикалык илимий изилдөө институту** (ЭкИИИ) 2025-жылга республикалык бюджеттен 15 596,0 миң сомго каржыланган, анын ичинен 15 205,6 миң сомун же 97,5% эмгек акы чыгымдары менен Социалдык фондго чегерүүлөр түзөт.

Министрликтин 18.03.2025-жылдагы №282/1 буйругу менен ЭкИИИге 39 штат бирдиги бекитилген, анын ичинен: административдик-башкаруу персоналы - 4, негизги персонал - 29, кенже жана техникалык тейлөө персоналы - 6. ЭкИИИнин 2025-жылга илимий изилдөө иштеринин календардык планы КЭУнун ректору менен макулдашылып ЭкИИИнин директору тарабынан бекитилген. Бекитилген илимий изилдөө иштеринин календардык планынын аткарылышы боюнча даярдалган отчет ЭкИИИнин Окумуштуулар кеңешинин 29.12.2025-жылдагы №02-3-11 протоколу менен жактырылып директор тарабынан бекитилген жана таанышууга жана практикалык иште колдонууга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, министрликтерге, Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигине, шаарлардын мэрлерине жана Президенттин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарына 13.01.2026-жылдагы №01-06-01 каты менен жөнөтүлгөн. ЭкИИИнин 2025-жылга перспективдүү жана жылдык илимий иштеринин планы боюнча илимий-техникалык кеңештин сунушу жана Окумуштуулар кеңешинин чечимдери аудитке берилген жок. Ошондой эле, ЭкИИИнин Уставында "институттун директорун КЭУнун ректору дайындайт жана кызматтан бошотот" деп көрсөтүлгөн. Ал эми, КР Билим берүү жана илим министрлигинин 15.03.2024-жылдагы №407/1 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик кесиптик жогорку билим берүү уюмдарынын илимий-изилдөө институттарынын жетекчилерин дайындоо жана бошотуу" Тартибинде "институттун директору министрликтин макулдугу менен жогорку окуу жайдын жетекчиси тарабынан кызматка дайындалат жана бошотулат" деп көрсөтүлгөн.

**Корутунду**

Аудиттин жүрүшүндө базалык формада каржылануучу илимий мекемелердин ишмердүүлүгүн уюштурууда жана башкарууда колдонуудагы мыйзамдардын жана ченемдик укуктук актылардын талаптары системалуу түрдө сакталбагандыгы аныкталды. Тактап айтканда, базалык каржылоого мекемелерди тандоо тартиби белгиленген критерийлерге толук ылайык жүргүзүлгөн эмес, штаттык ырааттамалар Министрлер Кабинетинин белгиленген ченемдерине шайкеш түзүлбөгөн, уставдар өз убагында жаңыланбай, колдонуудагы типтүү жоболорго ылайык келтирилген эмес.

Ошондой эле илимий жана илимий-техникалык иштерди пландаштыруу, бекитүү жана алардын аткарылышын документтештирүү боюнча талаптар толук аткарылбаганы, илимий-техникалык кеңештердин жана окумуштуулар кеңештеринин ыйгарым укуктары талаптагыдай ишке ашырылбаганы аныкталды. Айрым мекемелерде башкаруу органдарынын курамы кайра бекитилбегени жана жетекчилерди дайындоо тартиби колдонуудагы ченемдик актыларга шайкеш келбегени башкаруу чечимдеринин укуктук негиздүүлүгүнө шек жаратат.

Мындан тышкары, штаттык бирдиктерди негизсиз айкалыштыруу, лицензиясы жок багыт боюнча аспиранттарга стипендия төлөө жана илим изилдөө иштеринин белгиленген тартипте аткарылыш мөөнөттөрү менен аткаруучулары көрсөтүлгөн календардык пландарынын жоктугу ички башкаруу, пландаштыруу жана финансылык тартип боюнча көзөмөлдүн жетишсиз деңгээлде экендигин көрсөтөт.

Жалпысынан аныкталган кемчиликтер илимий мекемелердин ишмердүүлүгүн уюштурууда, башкарууда жана бюджеттик каражаттарды пайдаланууда ченемдик-укуктук талаптарды сактоо боюнча ички контролду күчөтүү, уюштуруу документтерин колдонуудагы мыйзамдарга шайкеш келтирүү жана башкаруу процесстерин тартипке келтирүү зарылдыгын көрсөтөт.

**Сунуштама**

Базалык формада каржылануучу мекемелердин тизмесин, штаттык ырааттамаларын, илимий жана илимий техникалык иш пландарын бекитүү жана алардын ишин жөнгө салган уюштуруу документтерин (Устав, Жобо) колдонуудагы ченемдик документтерге шайкеш келтирүү камсыздалсын.

**Ош изилдөөлөр институту боюнча** лицензиясы жок аспиранттарды окутууга жол берилбесин, лицензиялык талаптардын бузууларына жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 23.04.2025-жылдагы №436/1 буйругу менен 2025-жылга карата республикалык бюджеттин эсебинен каржылана турган *улануучу изилдөөлөрдүн тизмеси* ушул буйруктун 2-тиркемесине жана *жаңы илимий изилдөөлөрдүн тизмеси* 3-тиркемесине ылайык бекитилген.

2025-жылга карата республикалык бюджеттин эсебинен каржылана турган илимий-изилдөө иштеринин министрликтин буйругу менен бекитилген

тизмесине ылайык каржылоосун кароодо, 5 илимий мекеме боюнча жалпы 12 217,8 миң сомго ашык каржылоо жүргүзүлгөн, анын ичинен:

-А. Дүйшеев атындагы Кыргыз ветеринардык илимий- изилдөө институту боюнча – 7 491,7 миң сомго;

-Агрардык университети боюнча – 3 872,0 миң сомго;

-Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Коомдук саламаттык сактоо улуттук институту – 495,9 миң сомго;

- Нарын МУну – 267,5 миң сомго;

- КМТУнун Энергетика жана байланыш илимий-изилдөө институту – 90,8 миң сомго.

Илим-изилдөө иштерине бөлүнгөн каражаттарга жана алардын эсебинен аткарылган иштерге жүргүзүлгөн талдоо, илимий жана илимий техникалык мекемелерге негизинен эмгек акы чыгымдарына акча каражаттары бөлүнгөндүгүн, эксперттердин корутундулары боюнча министрликтин ИТК тарабынан 2025-жылы кабыл алынган илим-изилдөө иштеринин жыйынтыктарына жүргүзүлгөн талдоо, алардын өндүрүшкө киргизилгендери жокко эсе экендигин көрсөттү.

**Корутунду**

Илимий-изилдөө иштерине программалык-максаттуу каржылоону кароодо министрликтин буйругу менен бекитилген тизмеде каралган суммадан 5 илимий мекеме жалпы 12 217,8 миң сомго ашыра каржылангандыгы белгилүү болду. 2025-жылы кабыл алынган илим-изилдөө иштеринин жыйынтыктарына жүргүзүлгөн талдоо, алардын өндүрүшкө киргизилгендери жокко эсе экендигин көрсөттү.

**Сунуштама**

Илимий-изилдөө иштерине программалык-максаттуу каржылоодо, Министрликтин буйругу менен бекитилген тизмеде каралган суммадан ашыра каржылоого жол берилбесин. Программалык-максаттуу каржылоого алынуучу илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын колдонууга өзгөчө көңүл бурулсун.

Бекитилген каржылоо суммасынан ашык каржыланган А. Дүйшеев атындагы Кыргыз ветеринардык илимий- изилдөө институтунун, Агрардык университетинин, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин Коомдук саламаттык сактоо улуттук институтунун, Нарын МУнун, КМТУнун Энергетика жана байланыш илимий-изилдөө институтунун илимий-изилдөө иштерине талдоо жүргүзүлсүн. Талдоонун жыйынтыгы боюнча ашыкча каржыланган каражаттарды кайтаруу жана жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилигин карoo маселеси каралсын.

## Атайын эсептин каражаттарын жана бюджеттен тышкаркы каражаттарды пайдаланууну талдоо

**Аныкталды**

Аудит учурунда алынган маалыматтар боюнча, 2025-жылы министрлик жана анын ведомстволук мекемелеринин атайын эсептен жүргүзүлгөн жалпы

кассалык чыгымы 3 457,2 млн.сомду түзгөн, анын ичинен: министрликтин Борбордук аппараты боюнча – 69,7 млн. сом, ведомстволук мекемелери боюнча (3 мекеме) – 59,5 млн.сом, жогорку окуу жайлары боюнча – 2 744,4 млн.сом, орто кесиптик окуу жайлары боюнча – 583,6 млн.сом.

Мындан сырткары, өзгөчө статуска ээ жогорку окуу жайларынын бюджеттен тышкары эсептеринен 8 444,4 млн.сомго чыгым жүргүзүлгөн. *Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 жарлыгы боюнча 10 мамлекеттик жогорку окуу жайларына кеңири уюштуруучулук, финансылык жана академиялык автономияны берүүнү караган өзгөчө статус берилген.*

Ушул аудитти жүргүзүү мезгилинде ведомстволук түзүмдөрүнөн "Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп" программасында жылдык финансылык отчеттору толук алынып, бириктирилген финансылык отчеттору түзүлбөгөндүктөн, 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча министрликтин тутумуна кирген мекемелердин финансылык абалын толук кандуу талдоого мүмкүн болгон жок.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарына ылайык 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча ведомстволук түзүмдөрүнүн "Борборлоштурулган бухгалтердик эсеп" программасында берилген жылдык финансылык отчеттору менен бириктирилип жасалган финансылык отчет аудит жүргүзүү мезгилинде берилген жок.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын «Бухгалтердик эсеп жөнүндө" мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарына ылайык министрликтин тутумуна кирген мекемелерден жылдык финансылык отчетторун алуу, алардын негизинде бириктирилген жылдык финансылык отчетторду тиркемелери жана түшүндүрмөлөрү менен даярдоо камсыздалсын.

**Борбордук аппараттын атайын эсептеги каражаттарынын чыгымдар сметасынын түзүлүшү жана аткарылышы**

**Аныкталды**

Министрликтин атайын эсебинин кирешесин Евразиялык патент конвенциясына катышуучу мамлекеттердин аймактарында евразиялык патенттердин күчүн сактоо үчүн алынуучу алымдардын улуттук патенттик ведомстволорго тиешелүү үлүштөрүн Евразиялык патенттик ведомство тарабынан которуу тартибине ылайык келип түшкөн каражаттар түзөт.

2024-жылдын 1-январына карата атайын эсептин калдыгы 212,9 млн. сомду түзгөн. Атайын эсепке 2024-жылы 139,7 млн. сом, 2025-жылы 149,0 млн. сом келип түшкөн.

Атайын эсептин кассалык чыгымдары ведомстволук мекемелерди каржылоону эске алуу менен 2024-жылы 102,9 млн. сомго, 2025-жылы 126,6 млн.сомго аткарылып, 2025-жылдын аягына карата атайын эсептеги каражаттардын калдыгы 272,1 млн. сомго жеткен. Анын ичинен министрликтин борбордук аппаратына кеткен кассалык чыгымы 2024-жылы 53,8 млн. сомго, 2025-жылы – 69,7 млн. сомго жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесинин 28-пунктуна ылайык, патенттик алымдар салыктык эмес кирешелер катары республикалык бюджетке чегерилүүгө жатат.

Ошол эле учурда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтомуна ылайык, Евразия патенттик ведомствосу тарабынан евразиялык патенттердин күчүн сактоо үчүн алынуучу алымдардын улуттук патенттик ведомстволорго тиешелүү үлүштөрү министрликтин атайын эсебине келип түшүүсү каралган.

Учурда бул каражаттар Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин атайын эсебине түшүп, министрликтин учурдагы чыгымдарын каржылоого, анын ичинде анын ишин камсыз кылууга жана өркүндөтүүгө, материалдык-техникалык базасын чыңдоого, кызматкерлердин эмгек акысын төлөөгө, социалдык-тиричилик маселелерин чечүүгө, ошондой эле кызматкерлерди стимулдаштыруу жана сыйлоо боюнча чыгымдарды каржылоого багытталууда.

Мында, атайын эсептин өздөштүрүлбөгөн калдыгы 2024-жылдын 1-январына карата 212,9 млн. сомдон 2025-жылдын аягына карата 272,1 млн. сомго чейин жетип, 2-жыл аралыгында 59,2 млн. сомго өскөндүгүн белгилөөгө болот.

**Корутунду**

Евразия патенттик ведомствосу тарабынан евразиялык патенттердин күчүн сактоо үчүн алынуучу алымдардын улуттук патенттик ведомстволорго тиешелүү үлүштөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтому боюнча бюджеттик мекеменин өз алдынча каражаты катары атайын эсебинде ири өлчөмдө өздөштүрүлбөстөн калып, атайын эсебинин өздөштүрүлбөгөн калдыгы 2024-жылдын 1-январына карата 212,9 млн. сомдон 2025-жылдын аягына карата 272,1 млн. сомго чейин жетип, 2-жыл аралыгында 59,2 млн. сомго өскөн.

**Сунуштама**

Атайын эсепте евразиялык патенттердин күчүн сактоо үчүн алынуучу алымдардын олуттуу көлөмдөгү калдыктары бар экендигин эске алуу менен, аларды пайдалануу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине сунуштар киргизилсин.

**Министрликтин депозиттик эсебине түшкөн каражаттарга талдоо**

Министрлик депозиттик эсебинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 22-июлундагы № 488 токтому менен бекитилген “Автордук укуктун жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалангандыгы үчүн автордук сый акылардын минималдык өлчөмдөрү жөнүндө” жобонун жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 3-октябрындагы № 523 токтому менен бекитилген “Ойлоп табууларды, пайдалуу моделдерди, өнөр жай үлгүлөрүн, селекциялык жетишкендиктерди патенттөө, товардык белгилерди, тейлөө белгилерин, географиялык көрсөтмөлөрдүн, товардын чыккан жерлеринин аталыштарын каттоо, товардын чыккан жерлеринин аталыштарын каттоо, товарлардын чыккан жерлеринин аталыштарын пайдалануу укугун берүү жана патенттик ишенимдүү өкүлдөрүн каттоо үчүн алымдар жөнүндө” жобонун ченемдерине ылайык топтолгон каражаттардын эсеби жүргүзүлөт.

Жогоруда белгиленген жоболордун талаптарына ылайык жергиликтүү мекемелер менен түзүлгөн келишимдер боюнча депозиттик эсепте жергиликтүү жана чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен алымдар жана автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу үчүн сый акы төлөмдөр топтолгон. Жергиликтүү жана чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен түшкөн алымдар толугу менен республикалык бюджетке, ал эми автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу үчүн жыйналган сый акылар толугу менен авторлорго которулуп берилет.

**Аныкталды**

2024-жылдын 1-январына карата депозиттик эсебинде 102,5 млн. сом калдык акча каражаты болгон. 2024-жылы жалпы 124,9 млн. сом келип түшкөн, 93,8 млн. сомго чыгымдар жүргүзүлгөн (бюджеттин кирешесине – 78,1 млн. сом, авторлорго сый акы – 15,8 млн.сом).

2025-жылдын 1-январына карата депозиттик эсептин калдыгы калдыгы 133,5 млн. сомду түзгөн. 2025-жылы келип түшүүлөр 35,2 млн. сомду түзгөн, анын ичинен: жергиликтүү жана чет өлкөлүк өтүнмө ээлеринен алымдар – 5,6 млн. Сом, автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу үчүн сый акылар – 29,6 млн. сом. 2025-жылы республикалык бюджетке келип түшкөн салык эмес кирешелер боюнча каражаттардын 101,7 млен сому которулган, автолорго 21,4 млн. сом сый акы төлөмдөрү төлөнгөн. 2025-жылдын акырына калган калдыгы 45,2 млн. сомду түзгөн.

Автордук сый акыны жыйноо иштерине жүргүзүлгөн талдоонун жыйынтыгы, учурдагы жүргүзүлүп жаткан иштердин натыйжалуулугу жетиштүү деңгээлде эместигин көрсөттү. Тактап айтканда, Бишкек шаарында болжол менен 3440, Ош шаарында 885 коомдук тамактануу жайы катталганына карабастан, 2025-жылы болгону 427 объект менен лицензиялык келишимдер түзүлгөн, бул жалпы потенциалдын болжол менен 10,0 пайызын гана түзөт.

Мындан тышкары, берилген маалыматтарга ылайык, автордук сый акылар боюнча дебитордук карыздын көлөмү 5,2 млн. сомду түзүп, анын өндүрүлүшү камсыздалбай келүүдө.

**Корутунду**

Аудиттин жыйынтыгында автордук сый акыларды жыйноо боюнча иш жетиштүү деңгээлде уюштурулбаганы аныкталды. Лицензиялык келишимдер потенциалдуу пайдалануучулардын аз бөлүгү менен гана түзүлгөн, ал эми 5,2 млн. сом өлчөмүндөгү дебитордук карыз өндүрүлбөй калууда. Бул автордук сый акыларды чогултуу жана карыздарды өндүрүү боюнча иштерди күчөтүү зарылдыгын көрсөтөт.

**Сунуштама**

Автордук сый акыны жыйноо, эсептөө, бөлүштүрүү жана төлөө менен байланышкан административдик чыгымдарды каржылоо жана автордук сый акыларды чогултууну стимулдаштыруу максатында чогултулган каражаттардын белгилүү бир үлүшүн чегерүү тартибин иштеп чыгуу жана аны Министрликтин Авторлор кеңешинин чечими менен бекитүү мүмкүнчүлүгүн кароо сунушталат.

**Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюуда, билим берүү ишин аккредитациялоодо (аттестациялоо) жана лицензиялоодо ченемдик укуктук актыларынын сакталышы**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы № 300 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” Жобонун 10-1 жана 16-пункттарында белгиленген кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркына кирбеген чыгымдар (материалдык жардамга, Билим берүү жана илим министрлигин күтүүгө, финансы санкцияларына, финансы-чарба ишмердүүлүгүн текшерүүгө) КЭУ тарабынан 5 421,6 миң сомго (2024-жылы – 2 538,6 миң сомго, 2025-жылы – 2 883,0 миң сомго), ОшМПУ тарабынан – 5479,9 миң сомго, КМУ тарабынан - 3 820,1миң сомго, Политехникалык колледжинен – 49,4 миң сомго жүргүзүлгөн. Ошондой эле, Жобонун 15 пунктунда акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрдүн наркына баштапкы баланстык наркынын 10 пайыз өлчөмү учурдагы оңдоо үчүн киргизилүүсү белгиленген болсо, *Политехникалык колледждин* имаратынын баланстык наркы Кыргыз Республикасынын Эл аралык университетинде болгондугуна карабастан кезектеги оңдоо иштерине атайын каражаттар эсебинен 2 705,4 миң сом чыгымдалган.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы № 300 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” Жобонун 10-1, 15 жана 16-пункттарында белгиленген кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркына кирбеген чыгымдарды *КЭУ* тарабынан 5 421,6 миң сомго, ОшМПУ тарабынан – 8533,9 миң сомго, КМУ тарабынан - 3 820,1миң сомго жана *Политехникалык колледжинен* – 2 754,8 миң сомго жасоого жол берилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы № 300 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” Жобонун 10-1, 15 жана 16-пункттарында белгиленген талаптары так сакталып, кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркына кирбеген чыгымдарды жасоого жол берилбесин.

**Аныкталды.**

*“Инновациялык борбору” мамлекеттик мекемесинин* фаб-лабораториясы тарабынан интеллектуалдык менчик жана инновациялар жаатында тажрыйбалык үлгүлөрдү иштеп чыгуу жана даярдоо боюнча акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүгө байланыштуу эсептөөлөрдү саатына бекитилген тариф боюнча жүргүзгөн. Мында, интелектуалдык менчик жана инновациялар тармагында прототиптерди иштеп чыгууга жана даярдоого колдонулуучу матераилдардын чыгымдарынын калькуляциясы камтылган жана ким тарабынан төлөнөрү көрсөтүлгөн заказ-наряддар таризделбегендигин белгилөөгө болот. Ошондой эле, фаб-лаборатория тарабынан 2025-жылы аткарылган акы төлөө кызматынын 67%ын интеллектуалдык менчик жана инновациялар тармагынан сырткары коммерциялык багыттагы жумуштар түзгөн.

**Корутунду.**

*“Инновациялык борбору” мамлекеттик мекемесинин* фаб-лабораториясы тарабынан интеллектуалдык менчик жана инновациялар жаатында тажрыйбалык үлгүлөрдү иштеп чыгуу жана даярдоо боюнча акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүүгө байланыштуу эсептөөлөрдү саатына бекитилген тариф боюнча жүргүзүүдө колдонулуучу матераилдардын чыгымдарынын калькуляциясы камтылган жана ким тарабынан төлөнөрү көрсөтүлгөн заказ-наряддар таризделбегендигин белгилөөгө болот. Фаб-лаборатория тарабынан 2025-жылы аткарылган акы төлөө кызматынын 67%ын интеллектуалдык менчик жана инновациялар тармагынан сырткары коммерциялык багыттагы жумуштар түзгөн.

**Сунуштама.**

Фаб-лаборатория тарабынан интеллектуалдык менчик жана инновациялар жаатында тажрыйбалык үлгүлөрдү иштеп чыгуу жана даярдоо кызматтарына заказ-наряддарды милдеттүү түрдө тариздөө практикасын киргизүү, анда аткарылуучу иштердин көлөмүн, колдонулуучу материалдардын чыгымдарынын калькуляциясын, кызмат көрсөтүүнүн наркын жана чыгымдарды төлөөчү тарапты так көрсөтүү камсыздалсын.

Фаб-лабораториянын ишмердүүлүгүн анын негизги максаттарына жана функцияларына ылайык жүргүзүү, интеллектуалдык менчик жана инновациялар тармагындагы кызматтарга артыкчылык берүү, ошондой эле коммерциялык багыттагы иштерге туруктуу мониторинг жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 14-августундагы №1269/1 буйругунун негизинде, министрликтин лицензиялоо боюнча кеңешинин 2024-жылдын 14-августундагы №13-3 протоколу менен кабыл алынган чечимине ылайык, медициналык билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн “Дарылоо иши” багыты боюнча билим берүү ишин жүргүзүүгө **КМУга** лицензия берилген.

Аудит белгилегендей, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-декабрындагы №678 токтому менен бекитилген “Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо маселелери жөнүндө” Жобосунун 61-главасы “Билим берүү ишин лицензиялоонун өзгөчөлүктөрү”, 384-пунктунун 7 жана 8-пункттчаларында каралган лицензиялык талаптар сакталбагандыгы аныкталды. Аталган талаптарга ылайык, билим берүү ишин жүзөгө ашыруучу уюм мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына ылайык билдирилген билим берүү программалары боюнча билим берүү ишин камсыз кылуучу жетиштүү сандагы жана тиешелүү квалификациядагы педагогикалык кадрларга ээ болууга милдеттүү.

Аудит жүргүзүлгөн мезгилде штаттык ыраатамага ылайык жалпы 16 бирдик каралган. Анын ичинен 1 бирдик гана негизги медициналык багыттагы штаттык окутуучу болуп, калган 15 бирдик айкалыштырып иштеген же тышкы толук эмес жумушчу катары иш алып барган.

Мындан улам, медициналык билим берүү программаларын туруктуу жана толук көлөмдө ишке ашырууну камсыз кылуучу негизги штаттык педагогикалык кадрлардын саны жетишсиз экени аныкталды жана лицензиялык талаптардын аткарылышы формалдуу түрдө камсыздалганы менен, мазмундук жактан толук аткарылбагандыгын көрсөтөт.

Натыйжада, мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык билдирилген билим берүү программаларын толук көлөмдө ишке ашырууну камсыз кылуу боюнча талаптар сакталбаган деп бааланып, лицензиялык талаптарды бузуу белгилерин камтыйт.

**Корутунду**

КМУда медициналык билим берүү программаларын ишке ашырууда кадрдык камсыздоо боюнча лицензиялык талаптар толук сакталбагандыгы аныкталды.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 14-декабрындагы №678 токтому менен бекитилген “Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо маселелери жөнүндө” Жобосунда каралган лицензиялык талаптар так сакталсын.

2. *И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде* негизги штаттык медициналык багыттагы педагогикалык кадрлардын санын мамлекеттик стандартка ылайык келтирилсин.

**Аныкталды**

**ОшТУда** “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузуу менен кафедралар илимий даражасы бар окутуучулардын саны жетишсиз болгонуна карабастан түзүлгөн.

**Корутунду**

**ОшТУда** “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Мыйзамынын талаптарына ылайык кафедраларды түзүү камсыздалган эмес.

**Сунуштама**

ОшТУ боюнча кафедраларды түзүүдө “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**Чет өлкөлүк студенттер тарабынан милдеттүү медициналык камсыздандыруу үчүн камсыздандыруу төгүмдөрүнүн төлөнүшүн жана алардын түшүүсүн камсыз кылуу.**

**Аныкталды**

“Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө” Мыйзамынын 8-беренесинин негизинде 2025-жылга карата Ош МУда окуган чет элдик 6 746 студенттен жалпысы 80 344,8 миң сом акча каражаты медициналык камсыздандыруу үчүн ММК Фондуна өндүрүлүш керек болсо, жыл ичинде 30 787,3 миң сомго медициналык камсыздандыруу төлөмү алынган. Ош МУнун жетекчилиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы № 597 токтомунун 15-пунктундагы талаптарына ылайык университетте окуп жаткан чет өлкөлүк студенттердин ММК полисин сатып алуусу үчүн милдеттүү түрдө чара көрүлбөгөндүктөн, **49 557,5** миң сом акча каражаты ММК Фондуна түшпөй калган.

Ошондой эле, окуу жайда окуп жаткан чет өлкөлүк студенттерден ММК полисин милдеттүү түрдө сатып алуусун 2025-жылдын 31-декабрына карата ОшМПУ - **845,6** миң сомго, КМУ - **190,6** миң сомго, Кыргыз-Өзбек университети **5871,5** миң сомго, Агрардык университети - **702,6** миң сомго, КУУ - **2 557,0** миң сомго камсыз кылган эмес.

2024-2025, 2025-2026-окуу жылдарына кабыл алынган чет элдик студенттерден милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин төлөмү үчүн атайын эсептерине КМТУга 3 560,5 миң сом, Кызыл-Кыя шаарындагы филиалына 465,9 миң сом түшкөн. Ошол эле учурда, КР Башкы прокуратурасынын 04.03.2025-жылдагы №11-10/43-25 каты боюнча милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин төлөмү үчүн Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын депозиттик эсебине 5 458,9 миң сом, анын Кызыл-Кыя шаарындагы филиалы 867,4 миң сом которгон. Жыйынтыгында, 31.12.2025-жылга карата чет элдик студенттердин камсыздандыруу полисине карызы КМТУ боюнча **1 898,4** миң сомду, анын Кызыл-Кыя шаарындагы филиалы боюнча **401,5** миң сомду түзүп, атайын эсептин каражаттарынын жоготуусуна жол берилген.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын 04.03.2025-ж. №11-10/43-25 ченемдик укуктук актылардын бузулушун четтетүү жөнүндө талабын жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 05.03.2025-ж. №02-3/831 катын аткаруу максатында КЭУнун ректорунун 05.03.2025-жылдагы №22 буйругу боюнча контрактын эсебинен **929,76** миң сом чет өлкөлүк студенттердин төлөбөгөн медициналык камсыздандыруу полиси үчүн алардан кайтарып алуу шарты менен Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын депозит эсебине тийиштүү бюджетке кайтаруу үчүн которулган. Бирок, бул каражаттар бүгүнкү күнгө чейин чет өлкөлүк студенттерден кайтарылып алына элек.

**Корутунду**

Жогорку окуу жайларында Кыргыз Республикасынын "Жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө" мыйзамынын 8-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы № 597 токтомунун 15-пунктундагы талаптарына ылайык окуу жайлардын жетекчилиги тарабынан чет элдик студенттер тарабынан ММК полистерин өз убагында толук сатып алуусу камсыздалган эмес. КМТУ жана КЭУ тарабынан чет элдик студенттердин ММК полистери үчүн карызы атайын эсептен төлөнүп, контракттык окутуудан түшкөн каражаттардын жоготулушуна жол берилген.

**Сунуштама**

"Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө" Мыйзамынын 8-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы № 597 токтомунун 15-пунктуна ылайык, чет элдик студенттер тарабынан милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин сатып алууну окуу жайдын жектекчиликтери тарабынан камсыз кылуу талабынын аткарылышы көзөмөлгө алынсын жана 2025-жылдын 31-декабрына карата түзүлгөн карыздарды өндүрүү боюнча натыйжалуу иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Чет элдик студенттерден милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин өз убагында алууну жана тиешелүү бюджетке которууну камсыздабаган жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралып, тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Эмгек акы чыгымдары боюнча аныкталган шайкеш келбестиктер**

**Аныкталды**

Министрликтин борбордук аппараты тарабынан аудит жүргүзүлгөн мезгил аралыгында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген эмгек акы төлөө ченемдик актыларында каралбаган эмгек акыга кошумча төлөмдөр (майрам күндөрүнө карата сый акы, кварталдык сый акы, ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн кызматтык маянанын 25% өлчөмүндө пайыздык үстөк төлөм) Жамааттык келишими боюнча кызматкерлердин иштин жыйынтыгына кошкон жеке салымдарын жана ченемге салынбаган жумуш күндөрүн жеткиликтүү деңгээлде иштеп чыккан критерийлер боюнча баалоо жүргүзүлбөстөн жалпы **80 108,2 миң**

**сомго** (2024-жылы - **32 918,3 миң сом,** 2025-жылы - **47 189,9** миң сом) эсептелип төлөмдөр жүргүзүлгөн.

Мындан сырткары, Жамааттык келишим боюнча кызматкерлерге тамактануу жана жол жүрүү чыгымдарын жабуу үчүн компенсациялык төлөмдөр – 2024-жылга 1 679,7 миң сом, 2025-жылга 1 557,4 миң сом, жалпы 3 237,1 миң сом эсептелип, төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Интеллектуалдык менчик фонду** тарабынан 2025-жылга жамааттык келишим боюнча кызматкерлердин иштин жыйынтыгына кошкон жеке салымдарына баалоо жүргүзбөстөн жалпы кварталдык жана ар кандай даталуу күндөргө кошумча сый акыларга социалдык фондго чегерүүлөрү менен 8 315,8 миң сомго төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**“Инновациялык борбору” мамлекеттик мекемеси** тарабынан 2025-жылы факт жүзүндө Жамаатык келишими боюнча эмгек акыга кошумча төлөмдөр кызматкерлердин иштин жыйынтыгына кошкон жеке салымдарына жана ченемге салынбаган жумуш күндөрүнө баалоо жүргүзүлбөстөн жалпы 6 348,6 миң сомго (майрам күндөрүнө карата сый акыга – 3 700,5 миң сом, кварталдык сый акыга – 1 934,9 миң сом, ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн кызматтык маянанын 50% өлчөмдө пайыздык үстөк төлөм – 713,2 миң сом) төлөмдөр жүргүзүлгөн. Мындан сырткары, Жамаатык келишим боюнча кызматкерге тамактануу жана жол жүрүү чыгымдарын жабуу үчүн компенсациялык төлөмдөр – 1 460,7 миң сомго эсептелген.

**Жогорку аттестациялык комиссиясы** тарабынан 2025-жылы атайын эсептин каражаттарынын эсебинен кошумча эмгек акы төлөө тартибин жөнгө салган ички локалдык ченемдик актылардын жоктугуна карабастан, жалпы кошумча эмгек акы 2 315,9 миң сомго (сый акы, материалдык жардам, кенже тейлөөчү персоналдарга жол кире жана тамак-аш чыгымдарын компенсациялоого), андан Социалдык фондго чегерүүлөр 399,5 миң сом эсептелинип жана төлөнүп берилген.

**Корутунду**

Министрликтин Борбордук аппаратында жана анын ведомстволук мекемелеринде жамаатык келишим боюнча атайын эсептен эмгек акыга кошумча сый акы жана ченемге салынбаган жумуш күндөрү үчүн төлөмдөр кызматкерлердин иштин жыйынтыгына кошкон жеке салымдарын жана ченемге салынбаган жумуш күндөрүн жеткиликтүү денгээлде иштеп чыккан критерийлердин негизинде баалоолорду жүргүзбөстөн жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Эмгек акыга кошумча сый акы жана ченемге салынбаган жумуш күндөрү үчүн төлөмдөрдү кызматкерлердин иштин жыйынтыгына кошкон жеке салымдарын жана ченемге салынбаган жумуш күндөрүн жеткиликтүү денгээлде иштеп чыккан критерийлердин негизинде баалоонун жыйынтыктары боюнча жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

**БМУ**нун жетекчилиги тарабынан Уставдын жана Коллективдүү келишимдин талаптары сакталбастан, атайын каражаттар эсебинен берилүүчү

кошумча эмгек акыларды, ар кандай башка кошумчаларды белгилөөчү жогорку орган болуп эсептелген Камкорчулук кеңешинин, Финансалык комитеттин макулдугусуз, Ректордун буйруктары менен билим күнүнө, ар кандай майрамдарга карата, жылдын жыйынтыгы менен жалпы **17 240,8** миң сомго негизсиз сый акылар берилген.

**КМТУнун Токмок шаарындагы филиалдын** директорунун 18.09.2025-жылдагы №3/48 буйругуна ылайык филиалдын кызматкерлери Билим берүү күнүнө карата КМТУнун айлык маяна боюнча жобосуна ылайык бир айлык кызмат акы өлчөмүндө акчалай сыйлык менен сыйланышкан. Алардын катарында бир мугалимге 01.09.2025-жылга карата бекитилген штаттык ырааттамада 0,50 бирдик менен бекитилгендиги эске алынбастан, мурдакы штаттык ырааттамага таянып 0,75 бирдикке сый акы 17,3 мин сом эсептелип 9,6 мин сом ашыкча берилген.

**Корутунду**

**БМУ**нун жетекчилиги тарабынан атайын каражаттар эсебинен берилүүчү кошумча эмгек акыларды, ар кандай башка кошумчаларды белгилөөчү жогорку орган болуп эсептелген Камкорчулук кеңешинин, Финансалык комитеттин макулдугусуз сый акылар берилген.

**КМТУнун Токмок шаарындагы филиалдын** бир мугалимге 01.09.2025-жылга карата бекитилген штаттык ырааттамада 0,50 бирдик менен бекитилгендиги эске алынбастан, мурдакы штаттык ырааттамага таянып 0,75 бирдикке сый акы 17,3 мин сом эсептелип 9,6 мин сом ашыкча берилген.

**Сунуштама**

БМУнун жетекчилигине сый акыларды, ар кандай башка төлөөлөрдү Камкорчулук кеңешинин макулдугу менен берүү камсыздалсын.

КМТУнун Токмок шаарындагы филиалдында эмгек акы, сый акы төлөмдөрүн жүргүзүү тастыкталган штаттык ырааттамаларга ылайык жүргүзүлсүн, ашыкча төлөмгө жол берген кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

2025-жылы **ОшМУнун** алдындагы “Алдиер ОшМУ” футболдук клубуна атайын эсептин каражатынын эсебинен эмгек акыга 53 516,0 миң сом, социалдык фондго чегерүү үчүн 9 231,5 мин сом, жалпы **62 747,5** миң сом төлөнүп берилген. **ОшМУнун** көзөмөлчүлүк кеңеши тарабынан бекитилген сметада бул төлөм 2821 “Стипендия” беренесинен каралып, эки тараптуу түзүлгөн келишимдерде футболчуларга көрсөткөн оюндарына стипендия төлөө жагы көрсөтүлгөн. Иш жүзүндө футболдук клубтун кызматкерлерине 2025-жылда аткарган иштерин кабыл алган актылары жок, иштеген күндөрүнө табелдер толтурулбастан, клубдун баардык оюнчуларына туруктуу негизде эмгек акы төлөнүп берилген.

**Корутунду**

**ОшМУнун** алдындагы “Алдиер ОшМУ” клубтун оюнчуларына көзөмөлчүлүк кеңеши тарабынан бекитилген смета боюнча 2821 “Стипендия” беренесинен көрсөткөн оюндарына стипендия төлөнбөстөн, иш жүзүндө

аткарган иштерин кабыл алган актылары жок, иштеген күндөрүнө табелдер толтурулбастан, клубдун баардык оюнчуларына туруктуу негизде эмгек акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама.**

ОшМУнун алдындагы "Алдиер ОшМУ" футболдук клубунун оюнчуларын кармоо бекитилген ички ченемдик документтерге ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

**Бишкек автомобил-жол колледжинде** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июнундагы № 320 "Билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлерине жыл сайын берилүүчү негизги узартылган өргүүнүн узактыгы жөнүндө" токтомунун тиркемесиндеги 3-пунктунун талаптары так сакталбастан 10 жылга чейинки иш стажысы бар жетекчилер жана жетекчилик кылуучу кызматкерлер үчүн - 35 календардык күн, 10 жылдан ашык иш стажысы болгон учурда - 49 календардык күн эмгек өргүүгө чыгарылбастан, 56 календарлык күнгө эмгек өргүүгө чыгарылып, бюджеттик эсеп каражатынан эмгек өргүү акысы 52,9 миң сом ашыкча эсептелинип, социалдык фондго 9,1 миң сом чегерилип, ал эми атайын каражаттар эсебинен эмгек өргүү акысы 93,4 миң сом ашыкча эсептелинип, социалдык фондго 16,1 миң сом чегерилип, жалпы 171,6 миң сом ашыкча чыгымга жол берилген.

**Корутунду**

**Бишкек автомобил-жол колледжинде** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июнундагы №320 токтомунун талаптары сакталган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июнундагы № 320 "Билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлерине жыл сайын берилүүчү негизги узартылган өргүүнүн узактыгы жөнүндө" токтомунун талаптары так сакталсын, ашыкча эмгек өргүү акысын төлөмгө жол берген кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

**Бишкек музыкалык-педагогикалык институтунда** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябры №788 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлигинин системасынын орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары так сакталбастан 2025-жылы **2,76** штаттык бирдик кызматтык жайларды тазалоочунун кызмат орду ашыкча кармалып, эмгек акысына 316,0 миң сом, социалдык фондго 54,5 миң сом, жалпы **370,5** миң сом чыгымдалганы аныкталды.

Институттун жатаканасында 2024-жылдын 2-жарым жылдыгынан баштап 2025-жылдын декабрь айына чейинки "Турак жай-жарандык курулуш департаментинин Чүй облустук капиталдык курулуш башкармалыгы" мекемеси тарабынан капиталдык оңдоодон өткөрүлгөн мезгил аралыгында

жатаканадагы жашоочулар убактылуу чыгарылып турган. Жатаканада эч ким жашабагандыгына карабастан 2,0 штаттык бирдик кызматтык жайларды тазалоочуга эмгек акыга жана социалдык фондго бюджеттик каражаттар эсебинен 152,2 миң сом, атайын эсептен 180,7 миң сом, жалпы 332,9 миң сом чыгымдалган.

Ошондой эле, **Каракол педколледжинде** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябры №788 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлигинин системасынын орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары так сакталбастан, тактап айтканда, 30-пунктунда от жаккычтын кызмат орду жылытуу мезгилинде 10-15 мешке - 1 бирдик, андан аркы ар бир 5 мешке - 0,5 бирдиктен киргизилет деп белгиленген болсо, колледжинде 40 меши болуп, 3,5 бирдик от жаккычтын кызмат орду киргизилбестен 2025-жылдын штаттык бирдигине 5,0 от жаккычтын кызмат ордун киргизүү менен, 1,5 бирдик ашыкча кызмат орду киргизилип, 116,6 миң сом эмгек акы, социалдык төлөмдөргө 20,1 миң сом, жалпы 136,7 миң сом ашыкча бекитилгендиги аныкталды.

**Токмок колледжи** боюнча балансында кызматтык автоунаа жоктугуна карабастан атайын эсептин эсебинен 01.09.2025-жылдан баштап 1 штаттык бирдик айдоочуга 4-айга жалпы 90,3 миң сомго эмгек акы төлөнүп, андан социалдык фонго 15,7 миң сом чегерилген.

**Корутунду**

**Бишкек музыкалык-педагогикалык институтунда, Каракол педколледжинде, Токмок колледжинде** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябры № 788 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлигинин системасынын орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомунда белгиленген штат бирдиктеринен ашыкча штат бирдиктерин кармоого жол берилген.

**Сунуштама**

**Бишкек музыкалык-педагогикалык институтунда, Каракол педколледжинде жана Токмок колледжинде** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябры № 788 "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана Илим министрлигинин системасынын орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомунда белгиленген штат бирдиктеринен ашыкча штат бирдиктерин кармоого жол берилбесин, бузууга жол берген кызматкерлердин жоокерчиликтери каралсын.

**Аныкталды.**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 51, 57 жана 164-беренелеринде жана КР Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы № 135 "Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө" Жобосунда белгиленген жумуштарды айкалыштыруу шарттарын сактабастан, айрым кызматкерлерге 1,5 ставкадан ашык эмгек акы төлөмдөрү Социалдык

фондго чегерүүлөр менен бирге ОшТу боюнча 3 206,3 миң сомго, **КМУ** боюнча 1 229,2 миң сомго**,** КУУ боюнча – 846,7 миң сомго, КЭУ боюнча - 2 589,0 миң сомго, Политехникалык колледжинде - 152,9 миң сом, ЖАГУ – 269,2 миң сомго жүргүзүлгөн. Ошондой эле КЭУда окуу сааттарын бөлүштүрүүдө Окумуштуулар кеңешинин 26.05.2025-жылдагы протоколу менен бекитилген профессордук-окутуучулар курамынын окуу жүктөмдөрүнүн эсебин жана убакыт ченемин пландаштыруу документинде бекитилген тартип сакталбастан, жетекчилик кызматтагы кызматкерлерге негизинен активдүү эмес сааттар бөлүштүрүлгөн.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 51, 57 жана 164-беренелеринде жана КР Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы № 135 “Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө” Жобосунда белгиленген коштоп иштеген эмгек убакыты бөлүгү ОшТУ, КМУ, КУУ, КЭУ жана Политехникалык колледжи тарабынан аткарылбай бузууларга жол берилген.

**Сунуштама**

Окутуучулардын тарификациясын түзүүдө Эмгек кодексинин 51, 57 жана 164-беренелеринин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы № 135 “Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө” Жобонун жумуштарды айкалыштыруу шарттарын так сактоо, окутуучуларга жана толук штаттагы кызматкерлерге окуу жүктөмүн 0,5 ставкадан ашырбоо камсыздалсын.

КЭУда окуу сааттарын бөлүштүрүүдө Окумуштуулар кеңешинин 26.05.2025-жылдагы протоколу менен бекитилген профессордук-окутуучулар курамынын окуу жүктөмдөрүнүн эсебин жана убакыт ченемин пландаштыруу документинде бекитилген тартипти так сактоо камсыздалсын.

**Аныкталды**

**Талас агрардык-экономикалык колледжи** тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү” 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 токтомун бузуу менен кызматкерлерине 2025-жылы бюджеттик каражаттын эсебинен 6 кызматкерлерге 12,0 миң сом дем берүүчү эмгек акыга (сый акы), андан Социалдык фондго чегерүү үчүн 2,1 сом, жалпы 13,1 миң сомго негизсиз төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Көркөм сүрөт колледжинде** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтому менен бекитилген “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө” Жобону талаптарын аткарбастан 2025-жылдын декабрь айында колледждин жетекчисинин №46 буйругу менен 202,0 миң сом сый акы төлөнгөн.

**Нарын МУнун Агрардык техникалык-экономикалык колледжинин** кызматкерлерине 2025-жылы атайын эсептин каражатынын эсебинен 3-жолу

буйруктар менен 383,6 миң сомго дем берүүчү эмгек акы (сый акы), Социалдык фондко чегерүү үчүн 66,2 миң сом, жалпы 449,8 миң сомго төлөмдөр жүргүзүлгөн. Жыйынтыгында, 2025-жылдын 31-декабрына карата карыздардын киреше салыгы боюнча 2 298,0 миң сомго, Социалдык фондго 1 437,0 миң сомго өсүшүнө алып келген. Ошондой эле, атайын эсептин каражаттарынын эсебинен иштеген кызматкерлердин эмгек акыларына бюджеттен 604,8 миң сомго негизсиз төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Корутунду**

**Талас агрардык-экономикалык колледжинде, Көркөм сүрөт колледжинде, Нарын МУнун Агрардык техникалык-экономикалык колледжинде** бюджеттик каражаттардын эсебинен ченемдик документтерде белгиленбеген эмгек акыга кошумча төлөмдөрдү төлөөгө жол берилген.

**Сунуштама**

Бюджеттик каражаттардын эсебинен ченемдик документтерде белгиленбеген эмгек акыга кошумча төлөмдөрдү төлөөгө жол берген **Талас агрардык-экономикалык колледжинин, Көркөм сүрөт колледжинин, Нарын МУнун Агрардык техникалык-экономикалык колледжинин** кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

КМУтин кызматкерлерине 2022-жылдын 1-ноябрында бекитилген “Кошумча төлөмдөрдү белгилөө үчүн эмгек акынын ченемдери боюнча” жобонун 4.1 пунктунун талаптарын бузуу менен кызматкерлерге өздөрүнүн функционалдык милдеттерин сапатсыз аткаргандыгы жана иштеги кетирилген кемчиликтери үчүн тартиптик жазага тартылышкандыгына карабастан ай сайын иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режимине кошумча эмгек акы 20-50% га чейин 2 118,4 миң сом, соцфондук төлөмдөр 365,4 миң сом, жалпы суммасы **2 483,8 миң сом** төлөнгөн.

**Сунуштама**

И. Арабаев атындагы КМУнун кызматкерлерине кошумча эмгек акы төлөөдө, 2022-жылдын 1-ноябрында бекитилген “Кошумча төлөмдөрдү белгилөө үчүн эмгек акынын ченемдери боюнча” жобонун 4.1 пунктунун талаптары так аткарылсын.

**Аныкталды**

КМУ боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 токтомуна менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайынын профессордук-окутуучу курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндө” Жобонун 5 пунктун бузуп бош кызмат орундары конкурстук негизде 5 жылдан ашык мөөнөткө үзгүлтүксүз ээленген.

Кызмат ордун ээлөөнү узартуу боюнча кайра конкурс өткөрүлгөндүгүн же мыйзамдуу негиз бар экендигин тастыктаган документтер жок, кызмат ордун негизсиз элеген мезгили үчүн **810,7 миң сом** өлчөмүндө эмгек акы төлөнгөн.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 токтомуна менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайынын профессордук-окутуучу курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндө" Жобонун 5 пунктун бузуп бош кызмат орундары конкурстук негизде 5 жылдан ашык мөөнөткө үзгүлтүксүз ээленген.

**Сунуштама**

КМУ тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайынын профессордук-окутуучу курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндө" Жобонун 5-пунктунун профессордук-окутуучулук курамынын бош кызмат орундарына конкурстук негизде 5 жылга чейинки мөөнөткө дайындоо талабы так сакталсын, конкурс өткөрбөй кызмат ордун узартууга жол берген жооптуу кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды**

ОшТУ боюнча, 2025-жыл мезгил аралыгында окуу-көмөкчү кызматкерлерге ашыкча эсептелип чегерилген эмгек акы 492,8 миң сомду түзөт, мындан социалдык төлөмдөрү 85,0 миң сом, жалпы 588,7 миң сом.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлсрине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен 2025-жыл мезгил аралыгында окуу-көмөкчү кызматкерлерге ашыкча эсептелип чегерилген эмгек акы 492,8 миң сомду түзөт, мындан социалдык төлөмдөрү 85,0 миң сом, жалпы 588,7 миң сом.

**Сунуштама**

М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин кызматкерлеринин эмгек акысын эсептөөдө окуу-көмөкчү кызматкерлерге ашыкча эмгек акы төлөмүнө жол берген кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

КУУда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун талаптарын сактабастан, жумуш орундарын аттестациялоосуз бюджеттен 1 380,1 миң сом, атайын эсептик каражаттан 3 608,9 миң сом, жалпысынан 4 989,0 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөрдүн 860,6 миң сом, баардыгы 5 849,6 миң сомго зыяндуулук үчүн кошумча төлөмдөр жүргүзүлгөн.

Жогорудагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтомунун талаптары сакталбастан зыяндуулук үчүн

эмгек акыга кошумча төлөмдөр КМУ боюнча 1338,1 миң сомго, ОшТУ боюнча 520,0 миң сомго жүргүзүлгөн.

**Корутунду**

КУУ, КМУ жана ОшТУ тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген, "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун талаптары сакталган эмес.

**Сунуштама**

КУУ, КМУ жана ОшТУ тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген Оор жумуштарда, зыяндуу же кооптуу эмгек шарттарындагы иштер үчүн кошумча төлөмдөрдү белгилөө тартиби жөнүндө жобонун талаптарын бузуу менен белгиленген эмгек акыга зыяндуу эмгек шарттары үчүн кошумча төлөмдөрдү төлөө токтотулсун.

**Аныкталды**

КЭУда эмгек акы чыгымдары 2024-жылга 144 713,8 миң сомго, 2025-жылга – 213 050,4 миң сомго эсептелип, бекитилген планга салыштырмалуу 2024-жылы 46,8 миң сомго аз, ал эми 2025-жылы 11 839,4 миң сомго ашык чыгым жүргүзүлгөн. Жамааттык келишим боюнча сый акы 2024-жылга – 8 227,6 миң сомго, 2025-жылга – 33 967,1 миң сомго эсептелген. Мындан сырткары, айрым кызматкерлерге материалдык жардамга 2024-жылы – 2 264,5 миң сом, 2025-жылы – 2 720,7 миң сом чыгымдалган. Мында, 2024-жылы айрым административдик башкаруу жана окуу көмөкчү персоналдарга сый акы 1-жыл ичинде 5-6 жолудан бир айлык орточо эмгек акы өлчөмүндө айкалыштырып иштеген окуу сааттарын кошуу менен төлөнгөндүгүн белгилөөгө болот. Жамааттык келишимде материалдык жардам бир айлык өлчөмүндө каралгандыгына карабастан, айрым кызматкерлерге жыл ичинде 2-жолу жана андан ашык төлөмдөр жүргүзүлгөн.

2024-2025-жылдары айрым кызматкерлерге ден соолугун чыңдоого төлөнгөн 4 213,7 миң сом суммасындагы материалдык жардамдан алдын ала жүргүзүлгөн эсеп боюнча 379,2 миң сом киреше салыгы жана 421,4 миң сом Соцфондго камсыздандыруу төгүмү кармалган эмес. Ошондой эле, Социалдык фондго 2024-жылы 315,2 миң сомго, 2025-жылы 411,7 миң сомго чегерүүлөр жүргүзүлгөн эмес.

**Корутунду**

Жамааттык келишимде материалдык жардам бир айлык өлчөмүндө каралгандыгына карабастан, айрым кызматкерлерге жыл ичинде 2-жолу жана андан ашык төлөмдөр жүргүзүлгөн.

Айрым кызматкерлерге материалдык жардамдага төлөнгөн суммасындагы киреше салыгы жана Соцфондго камсыздандыруу төгүмү кармалган эмес. Ошондой эле, Социалдык фондго чегерүүлөр жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Сый акыга жана материалдык жардамга төлөмдөр ички ченемдик документтерде белгиленген шартты сактоо менен жүргүзүлсүн.

2024–2025-жылдары кызматкерлерге жалпы суммасы 4 213,7 миң сом өлчөмүндө төлөнгөн материалдык жардамдан киреше салыгын жана Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмүн кармоолорду жана чегерүүлөрдү жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды.**

КЭУ боюнча 2025-жылы сентябрь айында мурдагы эсеп бухгалтерине эмгек өргүү 33 956 сомго көп эсептелген. Ошондой эле, айрым кызматкерлердин кайрылуусу боюнча эмгек акылары 3-айга чейин алдына ала эсептелип төлөнүп келген. Убактылуу жок кызматкердин милдеттерин аткарганы үчүн кошумча акылардын өлчөмдөрү буйруктарда белгиленген эмес. Иш жүзүндө убактылуу жок кызматкердин бир айлык эмгек аксынын өлөмүндө айкалыштырып иштеген иши боюнча эмгек акысын кошуу менен эсептелип төлөнүп келген.

**Корутунду**

2025-жылы эмгек өргүү 33 956 сомго көп эсептелген. Эмгек акылары 3-айга чейин алдына ала эсептелип төлөнүп келген. Убактылуу жок кызматкердин милдеттерин аткарганы үчүн кошумча акылардын өлчөмдөрү буйруктарда белгиленген эмес.

**Сунуштама**

Эмгек акыны ашык эсептөөгө жана алдын ала эсептеп берүүлөргө жол берилбесин, жооптуу кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Иш сапар чыгымдарына аудит**

**Аныкталды.**

КЭУнун иш сапар чыгымдарынын негизги бөлүгүн чет өлкөдөгү окуу жайларында өткөн иш-чараларга сапар чыгымдары түзөт. Чет өлкөгө сапар чыгымдары 2024-жылы – 1 362,2 миң сомду, 2025-жылы – 3 748,2 миң сомду түзүп, 2025-жылы 2024-жылга салыштырмалуу 2,7 эсе өскөн.

Мында, чет өлкөдөгү окуу жайларында өтүүчү иш-чараларга чакыруу каттарында иш сапар чыгымдары боюнча так маалыматтар көрсөтүлгөн эмес, иш-чаралардын программалары жана сапар чыгымдары боюнча так маалыматтар аудитке берилген жок.

Чет өлкөгө иш сапар чыгымдары жетекчилик кызматтагыларга толук төлөнүп берилген, айрым учурларда иш-чара өткөн күнгө бир төп күн кошуп төлөнгөн.

2024-жылы КЭУнун финансы-экономикалык ишкердик жана маалыматтык камсыздоо боюнча проректоруна чет өлкөгө иш сапарына 93,8 миң сомго негизсиз кошумча берилген күндөр үчүн төлөм жүргүзүлгөн.

2025-жылы КЭУнун тарбия иштери боюнча проректоруна “Ош шаарында EXPO жаштар стратаптары” иш-чарасына катышуу үчүн студенттерди алып баргандыгы тууралуу аванс отчету боюнча жатаканага 1-күнгө 15,0 миң сомго ашык чыгым жүргүзүлгөн. Ошондой эле, 2 микроавтобустун айдоочуларына

студентерди Ош шаарына алып барып келгендиги үчүн 150,0 миң сом төлөгөндүгүн көрсөткөн, бирок отчетко айдоочулар менен түзүлгөн келишимдер жана акча каражаттары төлөнгөндүгү боюнча тастыктоочу документтер тиркелген эмес.

**Корутунду**

2025-жылы КЭУнун чет өлкөгө иш сапар чыгымдары 2024-жылга салыштырмалуу 2,7 эсеге өскөн. Аудиттин жүрүшүндө чет өлкөлүк иш-чараларга чакыруу каттарында чыгымдар боюнча так маалыматтар көрсөтүлбөгөнү, 2024-жылы проректорго 93,8 миң сом өлчөмүндө негизсиз кошумча төлөм жүргүзүлгөнү, ал эми 2025-жылы EXPO жаштар стартаптарына катышуу боюнча аванс отчетунда жатакана чыгымдары 15,0 миң сомго ашык көрсөтүлгөнү аныкталган. Ошондой эле, микроавтобус айдоочулары менен түзүлгөн келишимдер жана төлөмдөрдү тастыктоочу документтер тиркелген эмес.

**Сунуштама**

Чет өлкөдөгү окуу жайларында өтүүчү иш-чаралардын программалары жана сапар чыгымдары боюнча так маалыматтарды, жыйынтыгы боюнча аткарылган иштердин отчетторун берүү камсыздалсын. КЭУнун мурдагы финансы-экономикалык ишкердик жана маалыматтык камсыздоо боюнча проректорунан чет өлкөгө иш сапарына негизсиз төлөнгөн 93,8 миң сомду өндүрүү маселеси каралсын.

Аванс отчетторунда чыгымдарды толук тастыктоочу документтер жана жатаканага 1-күнгө 15,0 миң сомго ашык чыгымды кайтаруу камсыздалсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26-август 2008-жылдагы № 471 “Сапар чыгымдарын төлөө” жөнүндөгү токтомуна ылайык кызматкерлердин сапарга чыккандыгы боюнча аудит жүргүзүүдө токтомдун талаптары так сакталбастан, 2025-жылы Ош МУнун эсепканасы тарабынан 16 кызматкерге жалпысы **65,4** миң сомго сапардык чыгымдарына ашыкча төлөө жүргүзүлгөн.

БатМУнун кызматкерлеринин иш сапар чыгымдары боюнча авансалык отчеттор берилбегенден 2025-жылдын 31-декабрына карата түзүлгөн 16,4 миң сом дебитордук карыз аудиттин жүрүшүндө тийиштүү кызматкерлердин өз эсебинен ордуна коюлган.

2025-жылы **КМТУ**нун 3 кызматкерине АКШга барган иш сапары боюнча 18,9 миң сомго ашыкча төлөнүп. Ал эми, Кытай Эл Республикасынын Ички Монголия автономиялык районуна иш сапарына 2 кызматкерге 10,5 миң сом ашыкча төлөнүп берилген (аудит убагында 29,4 миң сом бюджетке ордуна коюлган).

**Корутунду**

Ош МУнун эсепканасы тарабынан 16 кызматкерге жалпы **65,4** миң сомго сапардык чыгымдарына ашыкча төлөм жүргүзүлгөн.

**Сунуш**

Кызматтык сапар чыгымдарын төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26-август 2008-жылдагы № 471 “Сапар чыгөымдарын төлөө”

жөнүндөгү токтомуна жана тиешелүү тастыктоочу документтердин негизинде токтомдо белгиленген ченемдерге ылайык жүргүзүлсүн, Ош МУнун 16 кызматкерден аныкталган 65,4 миң сомдук ашыкча төлөнгөн сапар чыгымдарынын акчасы тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлүп толугу менен ордуна коюлсун.

**Аныкталды**

Спорт академиясы тарабынан жамааттык келишимдин 2.2-пунктуна таянып, буйрук менен педогогикалык практикага чыккан студенттерге Спорт академиясынын кызматкерлери тарабынан кеңешчилер дайындалып, алардын студенттерге шаар ичинде барып келген жол кире акысын компенсация иретинде аудит мезгилинде негизсиз ведомост менен 70,0 миң сом которуп берилген.

**Корутунду**

Спорт академиясы тарабынан ченемдик укуктук акты менен аныкталбаган транспорттук чыгымдарга 70,0 миң сомго негизсиз төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама.**

Спорт академиясы тарабынан ченемдик укуктук акты менен аныкталбаган транспорттук чыгымдарды компенсациялоо токтотулсун.

**Ижара мамилелерине аудит.**

**Аныкталды**

2025-жылдын 31-декабрына карата **БМУ**да ижарачылардын ижара акысынан өндүрүлбөгөн дебитордук карыз **255,5 миң** сомду, жатаканаларда жашагандардан өндүрүлбөгөн дебитордук карыз **487,3** миң сомду түзгөн.

Ош МУнин жатаканасында жашаган 45 үй-бүлөөнүн 2025-жылдын 31-декабрына карата батирлери үчүн ижара акыдан төлөнбөгөн карызы **6 398,4** миң сомду түзгөн. Ал эми, Ош шаарынын Н.Исанова көчөсүнүн №85-А дарегинде жайгашкан №6 жатаканадан 18 батирге ижара акы чегерилип өндүрүү иштери жүргүлгөн эмес, жыйынтыгында 2025-жылга эсеп боюнча университетке **216,0** миң сом өлчөмүндө киреше түшпөй калган.

Ошондой эле, ижарага берилген ашканалар жана жер аянттары Ош МУнин көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашпастан туруп ижарага берилген. 2025-жылда Ош МУнин тарабынан ашканаларды жана жер аянттарын ижарага берүүдө 2025-жылдын 31-декабрына карата **750,0** миң сом ижара акы өз убагында ижарачылардан өндүрүлбөй Ош МУнин кирешесинин жоготууларына алып келген.

**Корутунду**

2025-жылдын 31-декабрына карата БМУда ижарачылардан жана жатаканаларда жашагандардан өндүрүлбөгөн дебитордук карыздардын суммасы 742,8 миң сомду түзгөн.

Ош МУ тарабынан жатаканасында жашагандардан жана ижарага берилген ашканалар жана жер аянттарынан ижара төлөмдөрүн эсептөө жана өндүрүү иштери белгиленген тартипте жүргүзүлбөгөндүктөн, 2025-жылдын

31-декабрына карата жалпы 7364,4 миң сомго кирешесинин жоготууларына алып келген.

**Сунуштама**

Окуу жайдын жатаканаларында жашагандарга толук ижара төлөмдөрүн эсептөө, 2025-жылдын 31-декабрына карата ижарачылардан жана жатаканаларда жашагандардан өндүрүлбөгөн Ош МУ боюнча 7364,4 миң сом жана БМУ боюнча 742,8 миң сом ижара төлөмдөрүн өндүрүү иш-аракеттери жүргүзүлсүн. Ижара акысын эсептөө жана өндүрүү иштерин белгиленген тартипте жүргүзүүнү камсыз кылбаган тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды.**

Ош айыл чарба техникуму (ОшМУнун айыл чарба колледжи) менен жеке Агрардык-экономикалык колледждин ортосунда имараттын аянттарын ижарага алуу боюнча 2024-жылдын 6-сентябрындагы №656 келишимдин шарттарына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы “Мамлекеттик мүлктү ижарага, чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартибин регламенттөөчү маселелер жөнүндөгү“ № 183 токтомунун талаптарына ылайык аудит учурунда ижара акыны өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн ***2024-жылга*** - **10,9** мин сомго, ***2025-жылга*** - **89,0** миң сомго жалпы **99,9** миң сомго пеня эсептелди. Ошондой эле, ижира келишиминин шарттарына ылайык жеке Агрардык-экономикалык колледжине коммуналдык чыгымдардын ордун толтуруу үчүн төлөм эсеби *2024-жылга* - ***46,8*** *миң сомго* жана *2025-жылга* ***68,2*** *миң сомго* берилген эмес, бул чыгымдар ОшМУнун эсебинен каржыланган.

**Корутунду**

ОшМУнун айыл чарба колледжинде ижара келишиминин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтомунун талаптары талаптагыдай аткарылбагандыгы аныкталды. Натыйжада, ижара акысынын өз убагында төлөнбөгөндүгүнө байланыштуу жалпы **99,9** миң сом өлчөмүндө пеня эсептелген. Ошондой эле, ижара келишиминин талаптарына карабастан коммуналдык чыгымдардын ордун толтуруу үчүн 2024-жылга **46,8** миң сомго жана 2025-жылга **68,2** миң сомго төлөм эсептери берилген эмес, бул чыгымдар ОшМУнун эсебинен каржыланган.

**Сунуштама**

ОшМУнун айыл чарба колледжи боюнча ижара келишиминин жана колдонуудагы ченемдик укуктук актылардын талаптарынын так аткарылышын камсыз кылуу, ижара акысынын өз убагында төлөнүшүнө туруктуу көзөмөл жүргүзүү, Агрардык-экономикалык колледжден 2024-2025-жылдар үчүн эсептелген **99,9** миң сом өлчөмүндө пеняны өндүрүү жана **115,0** миң сом суммасындагы коммуналдык чыгымдардын ордун толтуруу камсыздалсын.

**Аныкталды**

**КМТУ** тарабынан ижарачыларга келишимдин шарттарында каралбаган жалпы 250,3 миң сомго 6 ижарачыга жеңилдиктер берилген.

**Бишкек архитектура жана курулуш башкаруу колледжи** тарабынан ижара келишимине ылайык ЖИ М.К.Мадишевадан 01.12.2025-31.12.2025-жылга карата коммуналдык чыгымдардын ордун толтуруу үчүн эсептер берилген эмес.

**Корутунду**

Аудиттин жүрүшүндө КМТУ тарабынан 6 ижарачыга жалпы 250,3 миң сом өлчөмүндө жеңилдиктер берилгени аныкталды. Ошондой эле, Бишкек архитектура жана курулуш башкаруу колледжи тарабынан коммуналдык чыгымдардын ордун толтуруу боюнча төлөм эсеби берилген эмес.

**Сунуштама**

**КМТУ** боюнча ижара акысынан жоготууларга жол бербөө үчүн келишимдин шарттарында каралбаган жеңилдиктер берилбесин.

**Бишкек архитектура жана курулуш башкаруу колледжи** тарабынан келишимдин шарттарына ылайык ижарачыларга коммуналдык төлөмдөр эсептелип тиешелүү бюджетке өндүрүлсүн.

**КМТУ** жана **Бишкек архитектура жана курулуш башкаруу колледжинин** ижара төлөмдөрү жана коммуналдык чыгымдар боюнча жоготууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” Жобонун талаптары сакталбастан, **Бишкек автомобил-жол колледжи** мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн каражаттар республикалык бюджетке которулган эмес. 2025-жылдын 31-декабрына ижарачылардын дебитордук карызы **1 284,9** миң сомду, ал эми Мамлекеттик мүлк фондуна ижара акысы боюнча карызы **10 454,2** миң сомду түзгөн.

**Бишкек музыкалык-педагогикалык институту** боюнча аудиттин жүрүшүндө ижара акысын өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн **18,7** миң сом туум эсептелген.

**Ысык-Көл МУ** тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” жобонун талаптары так сакталбастан, 2025-жылдын 31-декабырана карата ижарачылардан өз убагын өндүрүлбөгөн ижара акысы боюнча дебитордук карызы 308,7 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

**Бишкек автомобил-жол колледжинде, Бишкек музыкалык-педагогикалык институтунда, Ысык-Көл МУда** Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-

сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” Жобонун талаптары сакталган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” Жобонун талаптары жана ижара боюнча түзүлгөн келишимдин талаптары так сакталсын, ижарачылардан ижара акысын өз убагында кечиктирбестен өндүрүү иштери алып барылсын.

**Бишкек автомобиль-жол колледжи** боюнча Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесине ылайык, ижарачылардан 1 284,9 миң сомго дебитордук карызын өндүрүү, ижара акысынан түшкөн 10 454,2 миң сомду республикалык бюджетке которуу камсыздалсын.

**Бишкек музыкалык-педагогикалык институту** боюнча ижарачы Б.Р.Мыктыбековдон ижара акысын өз убагында төлөбөгөндүгү үчүн эсептелген 18,7 миң сом туумду өндүрүү камыздалсын.

**Ыссык-Көл МУ** 2025-жылдын 31-декабрына карата ижарачылардын 308,7 миң сом дебитордук карызын өндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

КМУ боюнча 2025-жылдын 31-декабрына карата ижарачылардан өндүрүлбөгөн ижара акысынын карызы 735,1 миң сомду, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” Жобонун 9-глава 81-пунктуна ылайык өз убагында республикалык бюджетке которулбаган ижарадан түшкөн акча каражатынан карыз **284,4 миң сомду** түзгөн.

**Корутунду**

Аудиттин жүрүшүндө 2025-жылдын 31-декабрына карата КМУ боюнча ижара акысынын карызы 735,1 миң сомду түзгөнү, ошондой эле республикалык бюджетке өз убагында которулбаган ижарадан түшкөн каражат боюнча 284,4 миң сом өлчөмүндө карыз түзүлгөнү аныкталды.

**Сунуштама**

КМУ боюнча ижарачылардан өндүрүлбөй калган ижара акысынын карызын мыйзамда белгиленген тартипте толук өндүрүү, республикалык бюджетке өз убагында которулбай калган **284,4 миң сомду** кечиктирбестен которуу камсыздалсын, өз убагында өндүрүүнү жана республикалык бюджетке которууну камсыз кылбаган кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик кодексинин” 47 беренесинин жана Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесинин талаптарына ылайык мамлекеттик мүлктөрдү ижарага берүүдөн түшкөн каражаттар толугу менен республикалык бюджетке чегерүү каралган, бирок ал талаптар сакталбастан аудит убагында

аныкталгандай, Ош ТУ боюнча 2025-жыл үчүн мамлекеттик мүлктөрдү ижарага берүүдөн чегерилип түшкөн 979,8 миң сом акча каражатынан 351,0 миң сом республикалык бюджетке которулуп 628,8 миң сом республикалык бюджетке которулган эместиги аныкталды.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын "Бюджеттик кодексинин" 47 беренесинин жана Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 101-беренесинин талаптары сакталган эмес.

**Сунуштама**

ОшТУ боюнча ижара акылардын төлөмдөрүн Кыргыз Республикасынын "Бюджеттик кодексинин" 47 беренесинин, Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 101-беренесинин (КР 2025-жылдын 23-июнундагы № 124 Мыйзамынын редакциясына ылайык) жана Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы 183 сандуу "Мамлекеттик мүлктү ижарага, чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартибин регламенттөөчү маселелер жөнүндө" токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн жана республикалык бюджетке ижара акы эсебинен 628,8 миң сом которулуп берилсин.

**Аныкталды.**

**Агрардык университети** боюнча 2025-жылы 23 ижарачыдан төгүлүүчү 2 023,0 миң сомдун болгону 1 029,8 мин сому К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин атайын эсебине кириштелген, калган 1 029,8 миң сому 2026-жылдын 1-январына карыз болуп турат.

**Корутунду**

Агрардык университетиде ижара төлөмдөрүн өз убагында өндүрүү иштери жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама** К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети тез аралыкта ижарачыдан ижара акысын өндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө Бишкек агроэкономикалык колледжинин №3 жана №6 студенттик жатаканаларын пайдалануу боюнча талаптагыдай ижара жана коммуналдык чыгымдарды эсепке алуу жана көзөмөл жүргүзүлбөгөндүгү аныкталды. Жетекчилик жана бухгалтерия тарабынан жатаканаларда жашаган адамдар, алардын жайгаштырылышынын укуктук негиздери жана ижара акысынын эсептелиши боюнча аудитке тиешелүү маалыматтар берилген жок.

Ошондой эле студенттик жатаканалар мыйзамдарда жана ички ченемдик актыларда каралган тартипте ижарага берилбестен пайдаланылып келген. Натыйжада аудит камтыган мезгилде ижара акысы боюнча эсептик бюджеттик жоготуу 1 737,2 миң сомду түзгөн.

**Спорт академиясы** тарабынан 2025-жылы ижарадан республикалык бюджеттин кирешесине төгүлүүчү 1 469,8 миң сом анын атайын эсебине негизсиз кириштелип, андан ары республикалык бюджетке 1 089,7 миң сом которулуп, калган 380,1 миң сому которулбай калган.

**Корутунду**

Бишкек агроэкономикалык колледжинин №3 жана №6 студенттик жатаканаларын пайдалануу боюнча талаптагыдай ижара жана коммуналдык чыгымдарды эсепке алуу жана көзөмөл жүргүзүлбөгөндүгү аныкталды.

Спорт академиясы тарабынан 2025-жылы республикалык бюджеттин кирешесине түшүүгө тийиш болгон ижара төлөмдөрүнүн 580,1 миң сому белгиленген тартипте республикалык бюджетке которулбай калган.

**Сунуштама**

Бишкек агроэкономикалык колледжинин №3 жана №6 студенттик жатаканаларында жашагандардын тизмесин жана жайгаштырылышынын мыйзамдуулугун тактоо, мамлекеттик мүлктү пайдаланууну белгиленген тартипке келтирүү, аныкталган 1 737,2 миң сом бюджеттик жоготууну жана Спорт академиясы тарабынан которулбай калган 380,1 миң сом ижара төлөмүн республикалык бюджетке кайтаруу боюнча чараларды көрүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

Аудит мезгилинде КУУнда мүлктү ижарага берүү боюнча 94 келишим түзүлгөн (ашкана, буфет, киоск, дүкөн, көчүрмө жана компьютердик кызматтар, антенналар, терминалдар жана банкоматтар, жер тилкелери) 2025-жылдын 1-январына карата мүлктү ижарага берүүдө, ижарачылардын ижара акысынан өндүрүлбөгөн сумма 4 935,1 миң сом, 2025-жылы 11 381,7 миң сом эсептелинип, жыл ичинде 10 546,9 миң сом өндүрүлүп, жыл аягына ижарачылардын ижара акысына өз убагында өндүрүүгө чара көрүлбөй өндүрүлбөгөн сумма 5 769,8 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

КУУнда мүлктү ижарага берүү боюнча ижара төлөмдөрүн өндүрүүдө талаптагыдай көзөмөл жүргүзүлбөгөндүгү аныкталды. 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча ижарачылардын өндүрүлбөгөн ижара акысы 5 69,8 миң сомду түзүп, каражаттарды өз убагында өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлбөгөн.

**Сунуштама**

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине ижара төлөмдөрүн өндүрүү боюнча көзөмөлдү күчөтүп, ижарачылардын 5 769,8 миң сом өлчөмүндөгү карызын өндүрүү боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Дебитордук жана кредитордук карыз эсеби жана абалы.**

**Аныкталды**

“Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду” мекемесинде 2024-2025-жылдары инновациялык долбоорлорго жана стартаптарга бөлүнгөн жана өздөштүрүлгөн каражаттар боюнча берилген отчеттор министрликтин

коллегиясында каралбагандыктан 10 175,3 миң сом суммасында дебитордук карыз түзүлгөн.

Министрликтин коллегиясы тармакты өнүктүрүүнүн негизги маселелерин кароого ыйгарым укуктуу болгондуктан, Фонд инновациялык долбоорлорго жана стартаптарга бөлүнгөн каражаттарды өз алдынча эсептен чыгарууга укуксуз, ошондуктан каржылык отчеттор коллегиянын кароосуна милдеттүү тартипте сунушталууга тийиш.

**Корутунду**

2024-2025-жылдары инновациялык долбоорлорго жана стартаптарга бөлүнгөн каражаттар боюнча берилген отчеттор министрликтин коллегиясында өз учурунда каралбагандыктан, 10 175,3 миң сом суммасында дебитордук карыз түзүлгөн.

**Сунуштама**

“Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду” мекемеси тарабынан иновациялык долбоорлорго жана стартаптарга бөлүнгөн жана өздөштүрүлгөн каражаттар боюнча берилген отчетторду министрликтин коллегиясында өз учурунда кароо камсыздалсын.

**Аныкталды**

**КМУ** боюнча 25 137,3 миң сомго, **Ош МПУ** боюнча 12 855,8 миң сомго социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү жана киреше салыгынан дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөстөн жашырылган. Аудит учурунда дебитордук карыздар бухгалтердик эсепке алынган.

“**Геоквантум” борбору** киреше салыгы боюнча 66,7 миң сом дебитордук карызы бухгалтердик эсепте чагылдырылбаган.

**Политехникалык колледжи** боюнча бухгалтердик балансга 18,5 миң сом суммасындагы дебитордук жана кредитордук карыздар көрсөтүлбөй калган. Аудит учурунда калыбына келтирилди.

**Ысык-Көл МУда** келишимдердин негизинде жеке жактардан сатылып алынган китептердин жалпы 46,5 миң сом суммасынан кармалган 4,6 миң сом киреше салыгы республикалык бюджетке которулбай, төлөө мөөнөтү өткөн кредитордук карыз эсебинде калган.

**Талас агрардык-экономикалык колледжи** боюнча “Эмгек акы чыгымдары” беренесинен 142,3 миң сомго дебитордук жана 85,0 миң сомго кредитордук карыздар эсептен жашырылган.

**Нарын педагогикалык колледжи** боюнча “Эмгек акы чыгымдары” беренесинен 23,1 миң сомго кредитордук карыздар бухгалтердик эсептен жашырылган. Аудит учурунда бухгалтердик эсепке алынган.

**БМУ** боюнча социалдык төлөмдөрдөн 2,2 миң сом, киреше салыгынан 115,2 миң сом дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөстөн жашырылган. Аудит учурунда бухгалтердик эсепке алынган.

**ОшМУнун айыл чарба колледжи** боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик салык кызматынын Ош шаардык башкармалыгынан алынган маалыматка ылайык социалдык төлөмдөрдөн 42,6 мин сом жана киреше

салыгынан 54,6 мин сом баланстын дебитордук карыздар эсебинде чагылдырылбаган. Аудит учурунда бухгалтердик эсепке алынган.

**Корутунду**

Дебитордук жана кредитордук карыздарды өз убагында жана толук бухгалтердик эсепте көсөтүү, бюджетке кирше салыгын которуу камсыз кылынган эмес.

**Сунуштама**

Дебитордук жана кредитордук карыздарды өз убагында жана толук бухгалтердик эсепте көсөтүү камсыздалсын, анык эмес отчет маалыматтарын даярдоого жол берген кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Ысык-Көл МУ** боюнча жеке жактардан кармалган төлөө мөөнөтү өткөн кредитордук карыз эсебинде турган 4,6 миң сом киреше салыгын республикалык бюджетке которуу камсыздалсын.

**Аныкталды.**

**ЖАМУ** боюнча жалпы **15 241,5 миң сомдук** киреше салыктары боюнча дебитордук карыздары бухгалтердик баланстын № 6 тиркемесинде көрсөтүлбөй жашырылгандыгы аныкталган. 2025-жылы эмгек акыдан кармалган киреше салыгы Мамлекеттик салык кызматына берилген отчетто ЖАМУ боюнча 7645,5 миң сомго, Аксы колледжи боюнча 22,7 миң сомго, Кочкор-Ата колледжи боюнча 327,9 миң сомго аз көрсөтүлгөн.

Ошондой эле, мамлекеттик салык кызматына 2025-жыл мезгил аралыгында салык жана камсыздандыруу төгүмдөрүнүн отчеттору кечигип тапшырылганына байланыштуу ЖАМУ тарабынан **1212,8 миң сом, “Геоквантум” борбору** тарабынан **55,4** миң сом айып пул төлөнүп, мекеменин бюджетинин жоготууларына жол берилген.

**Корутунду.**

ЖАМУда жалпы **15 241,5** миң сомдук киреше салыгы боюнча дебитордук карыз бухгалтердик баланста жашырылган. 2025-жылы эмгек акыдан кармалган киреше салыгынын суммасы ЖАМУ, Аксы жана Кочкор-Ата колледждери боюнча жалпы 7 996,1 миң сомго аз көрсөтүлгөн. Мындан тышкары, салык жана камсыздандыруу отчеттору кеч тапшырылгандыктан айып төлөнүп, мекеменин бюджети чыгымга учураган.

**Сунуштама.**

ЖАМУ боюнча киреше салыгынан 15 241,5 миң сомдук дебитордук карызды бухгалтердик эсепте жана финансылык отчеттордо толук жана туура чагылдыруу, эмгек акыдан кармалган киреше салыгы боюнча мамлекеттик салык кызматына берилген отчеттордогу айырмачылыктарды мыйзам талаптарына ылайык тактап, оңдоо иштерин жүргүзүү камсыздалсын. Киреше салыгынын эсебин туура жана так жүргүзүүнү, отчетторун убагында тапшырууну камсыз кылбаган жооптуу кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды.**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 10-июнундагы № 1-Б буйруктарынын редакциясына ылайык “Мамлекеттик

башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун 312 жана 316-пункттарында көрсөтүлгөн алдын ала төлөмдүн өлчөмүн 20 пайыздан ашырбоо жана мөөнөтүнөн өткөн (ишенимсиз) дебитордук карыздардын түзүлүшүнө жол бербөө үчүн контролдукту ишке ашыруу талаптары толук сакталбагандыктан, 31.12.2025-жылга карата **КУУ**нун балансында бюджеттик жана атайын каражаттар эсебинен мөөнөтүнөн өткөн (ишенимсиз) дебитордук карыздардын жалпы суммасы 11 342,0 миң сомду, **БМУ**нун балансында атайын каржаттар эсебинен 813,5 миң сомду, Кыргыз-Өзбек университети боюнча 4 828,6 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 10-июнундагы № 1-Б буйруктарынын редакциясына ылайык “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун 312 жана 316-пункттарында көрсөтүлгөн алдын ала төлөмдүн өлчөмүн 20 пайыздан ашырбоо жана мөөнөтүнөн өткөн (ишенимсиз) дебитордук карыздардын түзүлүшүнө жол бербөө үчүн контролдукту ишке ашыруу талаптары толук сакталбагандыктан, 31.12.2025-жылга БУУ, БМУ жана Кыргыз-Өзбек университетинде карата ири өлчөмдөгү жана мөөнөтүнөн өткөн (ишенимсиз) дебитордук карыздар түзүлгөн.

**Сунуштама**

**БУУ, БМУ** жана Кыргыз-Өзбек университети тарабынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 10-июнундагы № 1-Б буйруктарынын редакциясына ылайык “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун 312 жана 316-пункттарында көрсөтүлгөн алдын ала төлөмдүн өлчөмүн 20 пайыздан ашырбоо жана мөөнөтүнөн өткөн (ишенимсиз) дебитордук карыздардын түзүлүшүнө жол бербөө үчүн контролдукту ишке ашыруу талаптарын так сактоо жана дебитордук карыздарды карыздарды өндүрүү боюнча тийиштүү иш-чараларды жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды.**

**ВАК** боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускаманын талаптарына ылайык, 2025-жылдын 31-декабрына карата кредитордук карыздан ашкан 476,9 миң сом суммасындагы дебитордук карыз кийинки жылдын сметасынан кыскартууга жатат.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык

баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускамасына ылайык мекемелердин жылдык отчеттору боюнча дебитордук карызды эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

**ВАК** боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускаманын талаптарына ылайык, 2025-жылдын 31-декабрына карата кредитордук карыздан ашкан 476,9 миң сом суммасындагы дебитордук карыз кийинки жылдын сметасынан кыскартуу маселеси каралсын.

**Аныкталды**

КЭУ боюнча дебиторлор жана кредиторлор боюнча бухгалтердик эсептер "1С Бухгалтерия" программасында туура жүргүзүлбөгөндүктөн, бухгалтердик баланс отчетунда так маалыматтар көрсөтүлгөн эмес. 31.12.2025-жылга карата "Товарлар үчүн төлөнө турган счеттор" (3100) эсебиндеги 23,2 миң сомго жана "Кызматтар үчүн төлөнө турган счеттор" (3112) эсебиндеги 315,0 миң сомго дебитордук карыздар бухгалтердик баланста көрсөтүлбөй калган, анын ичинен: көп жылдан бери өндүрүлбөгөн дебитордук карыз 5,1 миң сомду, КЭУнун мурдагы ректорунун 12.02.2025-жылдан бери өндүрүлбөстөн турган карызы 9,0 миң сомду түзөт.

31.12.2025-жылга карата "Узак мөөнөттүү дебитордук карыздар" (2700) бухгалтердик баланс эсебинде көп жылдан бери өндүрүлбөгөн 944,5 миң сом акча каражатын урдоо фактысы катталган.

"Узак мөөнөттүү милдеттенмелер" (4190) бухгалтердик баланс эсебинде кызмат көрсөтүүдөн (контрактык окуудан, жатаканада жашоо) жана башка булактардан (өнүктүрүү долбоору, финансылык жардам) түшкөн каражаттар "Узак мөөнөттүү милдеттенмелер катары" катталган. Мында, башка булактардан (өнүктүрүү долбоору, финансылык жардам) максаттуу иш-чараларга түшкөн каражаттардын эсебинен жүргүзүлгөн чыгымдар, өз киреше булактарынын эсебинен чыгышталбастан жалпы чыгымдарга ("Жалпы кирешелер жана чыгымдар" 5999) алып барылгандыктан, өздөштүрүлбөгөн каражат катары "Узак мөөнөттүү милдеттенмелер" (4190) бухгалтердик баланс эсебинде калып калгандыгын белгилөөгө болот.

**Корутунду**

КЭУ боюнча баланста дебитордук карыздар толук чагылдырылган эмес, айрым карыздар көп жылдан бери өндүрүлбөй келет, ал эми "Узак мөөнөттүү милдеттенмелер" (4190) бухгалтердик баланс эсебинде кызмат көрсөтүүдөн (контрактык окуудан, жатаканада жашоо) жана башка булактардан (өнүктүрүү долбоору, финансылык жардам) түшкөн каражаттар "Узак мөөнөттүү милдеттенмелер" катары эмес катталган. Ошондой эле, айрым максаттуу каражаттардын чыгымдары туура эмес эсепке алынгандыктан,

өздөштүрүлбөгөн каражат катары “Узак мөөнөттүү милдеттенмелер” (4190) бухгалтердик баланс эсебинен кыскартылбастан калган.

**Сунуштама**

КЭУ боюнча дебиторлор, кредиторлор жана түшкөн киреше булактары боюнча бухгалтердик эсепти туура жүргүзүү, бухгалтердик баланс отчеттунда туура көрсөтүү, көп жылдан бери өндүрүлбөгөн дебитордук карыздарды өндүрүү камсыздалсын.

**Аныкталды.**

**Инновациялык борбордун** “1С Бухгалтерия” программасында көп жылдан бери (2017-2018-жылдары түзүлгөн) жабылбаган жана салыштыруу актылары менен тактыкталбаган 324,1 миң сом суммасындагы дебитордук карыздар бар экендиги, алардын 264,6 миң сому бухгалтердик баланста көрсөтүлбөгөндүгү белгилүү болду.

**Корутунду**

Дебитордук карыздардын эсеби боюнча бухгалтердик баланс менен “1С Бухгалтерия” программасында айрмачылыктар орун алган жана көп жылдан бери (2017-2018-жылдары түзүлгөн) жабылбаган дебитордук карыздар бар.

**Сунуштама**

Дебитордук карыздардын эсеби боюнча бухгалтердик баланс менен “1С Бухгалтерия” программасындагы айрмачылыктарды жана көп жылдан бери (2017-2018-жылдары түзүлгөн) жабылбаган дебитордук карыздарды жоюу боюнча белгиленген тартипте иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды.**

2025-жылдын 31-декабрына карата бухгалтердик балансынын 6 тиркемесинде “Жетишпестиктер, уурдоолор жана коротуулар” 32171120 эсебинде 1035,1 миң сом суммасында көрсөтүлгөн Мамлекеттик патенттик-техникалык китепканасынын китеп фондунун жетишпестиктери боюнча Бишкек шаарынын Биринчи май районун прокуратурасына өткөрүлүп берилген материалдар кайра 23.12.2022-жылдагы №7/3-22 каты менен жетишпестиктер боюнча так маалыматтар (жоголгон китептердин аталыштары, саны, баасы, жооптуу кызматкерлер көрсөтүлгөн эмес) берилбегендигине байланыштуу кайтарылган. Мында, бүгүнкү күнгө чейин китеп фондундагы жетишпестиктер боюнча инвентаризация жыйынтыкталып, так маалыматтар аныктала электигин белгилөөгө болот.

Инновациялык борбордун 29.04.2022-жылдагы буйругунун негизинде китеп фондуна инвентаризация жүргүзүү боюнча түзүлгөн жумушучу тобунун протоколунда, 28.11.2022-жылга карата инвентаризациясынын жыйынтыгы боюнча “1С Бухгалтерия” программасына кирген китеп фонду 4 142,8 миң сомду түзгөндүгү, инвертаризацияга чейин 5 314,1 миң сом суммасында болгондугу, айырмасы 1 171,3 миң сомду түзгөндүгү көрсөтүлгөн. Ошол эле учурда, китеп фондунун суммасы “1С Бухгалтерия” программасында 2022-жылдан бери 4 279,1 миң сом суммасында, бухгалтердик баланста 4 142,3 миң сом суммасында көрсөтүлгөн, айырмасы 136,8 миң сомду түзгөн. Ал эми, “1С

Бухгалтерия" программасында китеп фондунун жетишпестиги көрсөтүлгөн эмес.

**Корутунду.**

Мамлекеттик патенттик-техникалык китепканасынын китеп фондунда 1035,1 миң сом өлчөмүндө жетишпестик аныкталган, бирок толук маалыматтар берилбегендиктен материалдар прокуратура тарабынан кайра кайтарылган. Бүгүнкү күнгө чейин инвентаризация толук жыйынтыкталып, жетишпестиктин так көлөмү жана жооптуу адамдар аныкталбаган.

Ошондой эле инвентаризациянын жыйынтыгы менен бухгалтердик баланс жана "1С Бухгалтерия" программасынын маалыматтары өз ара дал келбейт. Китеп фондунун суммаларында 136,8 миң сом айырма бар жана "1С Бухгалтерия" программасында китеп фондунун жетишпестиги таптакыр чагылдырылган эмес.

**Сунуштама**

Китеп фондундагы жетишпестиктерди так аныктоо (жоголгон китептердин аталыштары, саны, баасы) боюнча жүргүзүлүп жаткан инвентаризацияны тез арада жыйынтыктоо жана тиешелүү чараларды көрүү, китеп фондунун эсеби боюнча бухгалтердик баланс менен "1С Бухгалтерия" программасындагы айырмачылыктарды жоюу камсыздалсын.

**Аныкталды.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына караштуу "Мамлекеттик имараттар департаменти" мамлекеттик ишканасы менен түзүлгөн келишимде Инновациялык борбордун пайдалануудагы жайдын эксплуатациялык жана коммуналдык чыгымдарынын сметасына 1-жылга учурдагы оңдоо жана курулуш иштерине 95,1 миң сом каралган. Мындан сырткары, 2025-жылы 28-октябрда "Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоо чыгымдары" беренесинен кошумча 158,0 миң сом которулган, учурдагы оңдоо иштери 480 чарчы метр жерге аткарылгандыгы тууралуу акт 154,6 миң сомго берилген, өздөштүрүлбөгөн калдыгы 3,4 миң сомду түзгөн. Аудитке сметада каралган 95,1 миң сомдун жана мурдагы сметанын экономиясынын эсебинен 390 чарчы метр жерге учурдагы оңдоо иштери аткарылгандыгы тууралуу 118,6 миң сомго акт берилген. Бирок, аткарылган иштердин актыларында жана дефект актыларында учурдагы оңдоо иштеринин жүргүзүлгөн жери көрсөтүлгөн эмес. Ошондой эле, Инновациялык борбордун пайдалануусундагы жайдын эксплуатациялык жана коммуналдык чыгымдарынын сметасына 1-жылга учурдагы оңдоо жана курулуш иштерине каралган каражаттардын эсебинен аткарылган иштер боюнча салыштыруу (сверка) актылары түзүлгөн эмес.

**Корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына караштуу "Мамлекеттик имараттар департаменти" мамлекеттик ишканасы менен түзүлгөн келишим боюнча Инновациялык борбордун пайдалануусундагы жайдын эксплуатациялык жана коммуналдык чыгымдарынын сметасында каралган каражаттардын эсебинен аткарылган

учурдагы оңдоо жана курулуш иштери боюнча салыштыруу актылары түзүлгөн эмес жана кошумча келишим боюнча которулган акча каражатынын өздөштүрүлбөгөн 3,4 миң сом калдыгын кайтарып алуу камсыздалбаган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына караштуу "Мамлекеттик имараттар департаменти" мамлекеттик ишканасы менен түзүлгөн келишим боюнча Инновациялык борбордун пайдалануусундагы жайдын эксплуатациялык жана коммуналдык чыгымдарынын сметасында каралган каражаттардын эсебинен аткарылган учурдагы оңдоо жана курулуш иштери боюнча туруктуу негизде салыштыруу актыларын түзүү жана кошумча келишим боюнча которулган акча каражатынын өздөштүрүлбөгөн 3,4 миң сом калдыгын кайтарып алуу камсыздалсын.

***Контрактык негизде окуган студенттердин төлөмдөрүнүн өз убагында толук төлөнүүсү***

**Аныкталды**

Ош МПУда 2024–2025-окуу жылында студенттердин контракттык төлөмдөрүнүн жыйналышы 85,54% деңгээлде аткарылып, 41,4 млн сом өндүрүлбөй калган.

КМУда 2024–2025-окуу жылында студенттердин контракттык төлөмдөрүнүн жыйналышы 90,1% деңгээлде аткарылып, 7 705,7 миң сом өндүрүлбөй калган. Бул каражаттардын жыйналышынын төмөндүгүн жана финансылык башкарууну жакшыртуу зарылдыгын көрсөтөт.

**Корутунду**

Ош МПУда жана КМУда контракттык окутуудан түшө турган каражаттардын жыйналышы толук аткарылган эмес, жыл жыйынтыгында ири өлчөмдөгү дебитордук карыздар калып калган.

**Сунуштама**

Акы төлөп окутууда, контракты төлөбөгөн студенттер боюнча чара көрүү механизмин (эскертүү, келишимди токтотуу, юридикалык чаралар ж.б.) киргизүү жана мындай кырдаалды алдын алуу үчүн жыл ичинде ай сайын көзөмөл жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

31.12.2025-жылга карата орто жана жогорку билим берүү бөлүмдөрүндө окуган студенттердин билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнөн карыздары **КМТУнун Кара-Балта шаарындагы филиалы боюнча** 107,8 миң сомду, **Кызыл-Кыя шаарындагы филиалы** боюнча 16 463,3 миң сомду түзгөн.

**Корутунду.**

Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүү төлөмдөрүн өз убагында жана толук көлөмдө жүргүзүлбөгөндүктөн, 31.12.2025-жылга карата **КМТУнун Кара-Балта шаарындагы филиалы боюнча** 107,8 миң сомго, **Кызыл-Кыя шаарындагы филиалы** боюнча 16 463,3 миң сомго карыздар пайда болгон.

**Сунуштама**

**КМТУ**нун филиалдарынын атайын эсебинин каражаттарынын кирешелер бөлүгүнүн аткарылышын камсыздоо үчүн билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүү төлөмдөрүн өз убагында жана толук көлөмдө өндүрүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

Ош МУда 2025-жылдын 1-сентябрынан 31-декабрына чейин келишим боюнча контрактык негизде окуп, бирок ар кандай себептер менен окуудан четтетилген 515 студенттин **3 415,6** мин сомдук контрактык төлөмүнүн карызы өндүрүлбөстөн, университеттин кирешесинин жоготуусун түзгөн.

**Корутунду**

Ош МУда келишим боюнча контрактык негизде окуп, бирок ар кандай себептер менен окуудан четтетилген 515 студенттин **3 415,6** мин сомдук контрактык төлөмүнүн карызы өндүрүлбөстөн, университеттин кирешесинин жоготуусуна алып келген.

**Сунуштама.**

Ош МУ боюнча 2025-жылдын 31-декабрына карата келишим боюнча контрактык негизде окуп, бирок ар кандай себептер менен окуудан четтетилген 515 студенттин 3 415,6 мин сомдук дебитордук карызын студенттерден өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды**

ИЭИИИ тарабынан магистратурада акы төлөп окуу кызматтарынан түшүүчү каражаттардын эсеби жүргүзүлбөгөндүктөн, так маалыматтарды алууга мүмкүн болгон жок. Аудит учурунда жүргүзүлгөн эсеп боюнча окууга акы төлөө кызматынын болжолдуу жоготуулары 1 257,9 миң сомду түзгөн.

**Корутунду.**

Аудит учурунда жүргүзүлгөн эсеп боюнча окууга акы төлөө кызматынын болжолдуу жоготуулары 1257,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама.**

Акы төлөө кызматтарынан түшүүчү каражаттардын так эсебин жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

КЭУ тарабынан акы төлөө кызматтарынан түшүүчү каражаттардын эсебин финансы жылына карата так жана толук жүргүзүү камсыздалган эмес. “1С Бухгалтерия” программасында атайын ачылган эсепте контракт окуусу боюнча карыз 31.12.2025-жылга карата 102610,9 миң сом суммасында көрсөтүлгөн. Бул карыз контракт окуусу боюнча төлөмдү окуу жылынын башында окуу жылына толук эсептелип, окуу жыл ичинде окуудан чыгарылгандардын төлөнбөгөн бөлүгүнө кайра эсептөөлөр жүргүзүлбөгөндөн түзүлгөн.

**Корутунду.**

КЭУда окууга акы төлөө кызматынын түшүүчү каражаттардын эсебин финансы жылына карата так жана толук жүргүзүү камсыздалган эмес.

**Сунуштама.**

Акы төлөө кызматтарынан түшүүчү каражаттардын эсебин финансы жылына карата так жана толук жүргүзүү жана карыздарды толук өндүрүү камсыздалсын.

***Депозиттик каражаттарга аудит***

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтому менен бекитилген "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобонун 3, 4-пункттары сакталбастан, **Интеллектуалдык менчик фондунун** депозиттик эсептик счетунан 2021-жылдан бери талап кылынбаган депозиттик каражаттардын 3,0 миң сом суммасы тийиштүү бюджетке которулуп берилбегени аныкталды. 2026-жылдын 20-майында №64 төлөө тапшырмасы менен бюджеттин кирешесине которулуп берилген.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтому менен бекитилген "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобонун талаптары так сакталган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы № 302 токтому менен бекитилген "Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" жобонун 4-пунктуна ылайык, депозиттик эсептин талап кылынбаган каражаттарын бюджеттин кирешесине которуу көзөмөлгө алынсын.

**Кассалык жана казыналык операциялар**

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 токтому менен бекитилген "2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү тууралуу" Мамлекеттик программанын талаптары аткарылбастан **КМТУнун Технопарк мекемесинин** кассасынан 13 540,5 миң сом суммасында накталай акча каражаттары менен кассалык операциялар жүргүзүлгөн.

**Бишкек архитектура жана курулуш башкаруу** колледжинде 1 666,8 миң сом суммасында накталай акча каражаттары менен кассалык операциялар жүргүзүлгөн.

**Политехникалык колледждин** кассасына абитуриенттердин документтерин кабыл алуудан накталай акча каражатынын түшүүсү 386,4 миң сомду түзгөн.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 токтому менен бекитилген "2023-2027-жылдарга

Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү тууралуу” Мамлекеттик программанын талаптары аткарылган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы №737/67-7 токтому менен бекитилген “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү тууралуу” Мамлекеттик программанын аткарылышына көзөмөл жүргүзүлсүн.

## Негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын эсеби жана абалы

**Аныкталды**

Манас проспектиси 22а дарегинде жайгашкан 5-кабаттуу имарат баланстык баасы жок КЭУда мамлекеттик каттоодо турат, анын 1-чи жана 2-чи кабаттарында Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине караштуу өнүктүрүү долбоорлору, 3-чү кабатында Мусакожоев Шайлобектин инновациялык экономика илим изилдөө институту (м.а. ИЭИИИ), 4-чү жана 5-чи кабаттарында Кыргыз-Кытай университети (түзүүчүлөрү: КЭУ, ИЭИИИ жана 2 кытай юридикалык жак) жайгашкан. Бул имаратта жайгашкан КЭУга тиешелүү 2 635,0 миң сом суммасындагы негизги каражаттарды жана 1 903,1 миң сом суммасындагы товардык материалдык запастарды ИЭИИИ менен Кыргыз-Кытай университети эч кандай убактылуу пайдалануу боюнча түзүлгөн келишими жана жоопкерчилигине өткөрүп берген актысы жок пайдаланып келүүдө. Ошондой эле, Кыргыз-Кытай университетинин кытай тарабынан уюштуруучулары имараттын сырткы бетин реконструкциялык оңдоо жана ички жайларын капиталдык оңдоо, интерактивдүү доска жана башка электрондук компьютердик жабдыктарды сатып алуу иштерин эч-кандай келишимдик милдеттенмелери жок каржылашкан. Коюлган жабдууларга жана имаратты реконструкциялоо боюнча аткарылган иштерге тиешелүү документтер берилген эмес жана алар бухгалтердик эсепке алынбаган.

Белгилеп кетүү керек, ИЭИИИ тарабынан 2024-2025-жылдар түшкөн киреше жана чыгымдары боюнча белгиленген тартипте бухгалтердик эсеп жана финансы отчеттору түзүлгөн эмес.

ИЭИИИ менен Экономика илимий-изилдөө институтунун (м.а. ЭкИИИ) 2024-2025-жылдар боюнча финансылык отчеттору КЭУ тарабынан талап кылынып алынып, жалпы окуу жайдын финансы отчетуна бириктирилип (консолидацияланып) түзүлгөн эмес. Ошондой эле, Кыргыз-Кытай университетининен финансылык отчет маалыматтары алынган эмес.

**Корутунду**

Манас проспектиси 22а дарегиндеги имарат жана андагы КЭУга тиешелүү мүлктөр тиешелүү келишимдерсиз пайдаланылып, жүргүзүлгөн

реконструкциялык иштер жана алынган жабдуулар бухгалтердик эсепке алынган эмес. Ошондой эле, ИЭИИИ бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту белгиленген тартипте жүргүзбөгөн, ал эми ИЭИИИ, ЭкИИИ жана Кыргыз-Кытай университетинин финансылык отчеттору КЭУнун консолидацияланган отчетуна киргизилген эмес.

**Сунуштама**

ИЭИИИ тарабынан 2024-2025-жылдары түшкөн киреше жана чыгымдары боюнча белгиленген тартипте бухгалтердик эсеп жана финансы отчетторун жүргүзүү жана ЭкИИИ менен бирге бириктирилген отчетторду түзүү камсыздалсын.

Манас проспектиси 22а дарегинде жайгашкан 5-кабаттуу имараттын баланстык баасын Кыргыз-Кытай университетинин инвестициялык салымдарын кошуу менен аныктап бухгалтердик эсепке алуу камсыздалсын. Бул имаратта жайгашкан КЭУга тиешелүү 2635,0 миң сом суммасындагы негизги каражаттарды жана 1903,1 миң сом суммасындагы товардык материалдык запастарды ИЭИИИ менен Кыргыз-Кытай университети тарабынан убактылуу пайдалануу шарттарын жана материалдык жоопкерчиликтерин белгилеген келишимдерди түзүү камсыздалсын.

**Аныкталды**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына караштуу “Автотранспорттук ишкана” мамлекеттик мекемесинен 13.11.2024-жылдагы №79 актысы боюнча 2013-жылы чыккан “Кадиллак” автомашинасы 4 097,0 миң сом баштапкы баланс баасында КЭУнун балансына техникалык оң абалда өткөрүлүп берилген.

12.05.2025-жылы конкурс өткөрбөстөн 169,5 миң сомго автотетиктери сатып алынып капиталдык оңдоодон өткөрүлгөндөн кийин, КЭУнун 24.12.2025-жылдагы №147 буйругу боюнча Мамлекеттик мүлктү башкаруу мамлекеттик агентиги тарабынан 350,0 миң сомго бааланган баада КЭУнун кызматкерине сатылган.

Мында, сатылган автомашина Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына караштуу “Автотранспорттук ишкана” мамлекеттик мекемесинен алынгандыгына карабастан, түшкөн 350,0 миң сом акча каражатын пайдалануу боюнча тиешелүү мамлекеттик органдардын макулдугу жок КЭУнун кирешесине алып барылган жана республикалык бюджетке которулган эмес.

2024-жылы 339,0 миң сомго жана 2025-жылы 654,0 миң сомго, жалпы 993,0 миң сомго сатып алынган программа продуктылары кириштелбестен чыгышталып кеткен.

Алынган чарба товарлары, анын ичинде 36 пачка 16,6 миң сом суммасындагы А4 кагаздары пайдаланылгандыгын ырастаган таркатуу ведомостору жок 30.12.2024-жылдагы акт боюнча ректордун жаңы жылдык балын өткөрүүгө чыгышталган.

2024-жылы “Бишкек жашыл чарба” муниципалдык ишканасынан 19,5 миң сомго сатып алынган туя көчөттөрү кириштелбестен чыгышталып кеткен.

26.12.2025-жылы Хундай автомашинасына 14,3 миң сомго сатып алынган видеорегистраторы кириштелбестен чыгышталып кеткен.

2025-жылы компьютер жабдыктары – 4 371,6 миң сомго жана башка жабдыктар – 1 133,7 миң сомго чыгышталган. Бирок, бул чыгышталган жабдыктардын колдонууга жарактуу бөлүкчөлөрүн баалоо жана кириштөө иштери жүргүзүлгөн эмес.

**Корутунду**

Мамлекеттик мекемеден акы төлөмү жок алынып, Мамлекеттик мүлктү башкаруу мамлекеттик агенттиги тарабынан бааланган баада түшкөн 350,0 миң сом акча каражаты КЭУ тарабынан республикалык бюджетке которулган эмес.

2024-2025-жылдары 1 043,4 миң сомго сатып алынган негизги каражаттарды жана товардык баалуулуктарды белгиленген тартипте кириштөө жана чыгыштоо иштери жүргүзүлгөн эмес. Ошондой эле, 2025-жылы чыгышталган 5 505,3 миң сом суммасындагы компьютер жана башка жабдыктардын колдонууга жарактуу бөлүкчөлөрүн баалоо жана кириштөө иштери жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

КЭУ Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына караштуу “Автотранспорттук ишкана” мамлекеттик мекемесинен алынган “Кадиллак” автомашинасы сатуудан түшкөн 350,0 миң сом акча каражатын республикалык бюджетке которуу, 2024-2025-жылдары 993,0 миң сомго сатып алынган программа продуктыларын, 2024-жылы “Бишкек жашыл чарба” муниципалдык ишканасынан 19,5 миң сомго сатып алынган туя көчөттөрүн жана 26.12.2025-жылы Хундай автомашинасына 14,3 миң сомго сатып алынган видеорегистраторду кириштөө камсыздалсын.

Чыгышталган компьютердик жана башка жабдыктардын колдонууга жарактуу бөлүкчөлөрүн баалоо жана кириштөө иштери жүргүзүлсүн.

Негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын эсебин жүргүзүүдөө бузууларга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

“Манас” университеттин пайдалануусундагы жер участогуна курулуп, пайдаланууга берилген бухгалтердик эсепке алына элек 3 курулуш объектиси бар экендиги белгилүү болду.

Аудит учурунда, Ч. Айтматов 56 дарегинде жайгашкан административдик имараттын уланган бөлүгүн (конференц-зал жана ашкана, жалпы аянты 2500 кв.метр) 2010-жылы соттордун чечимдери боюнча Университеттин ээлигинен ажыратып “Фермер” дыйкан чарбасы менен “Эмгек” айылчарба кичи ишканасынын пайдасына Бишкек шаардык Мамлекеттик мүлк фонду менен 1993-жылы түзүлгөн сатуу келишими жокко чыгарылбагандыгын негиз кылуу менен кайтарылып берилгендиги белгилүү болду. Ошол эле учуруда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 23-мартындагы №146 токтому боюнча административдик имараттын

уланган бөлүгүнүн наркы 1578296 сом суммасында бааланып менчиктештирүү фондунун эсебинен 1998-жылы “Фермер” дыйкан чарбасы менен “Эмгек” айылчарба кичи ишканасына толук төлөнүп берилгендиги жана “Фермер” дыйкан чарбасы менен “Эмгек” айылчарба кичи ишканасынын жааматынын менчигине өткөрүп берүү жөнүндө” Бишкек шаардык Мамлекеттик мүлк фондунун 19.03.1993-жылдагы №23 чечими менчиктештирүү мыйзамдарын бузуу менен (менчиктештирүү программасына киргизилген эмес) кабыл алгандыгына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Башкы Прокуратурасынын 16.05.1996-жылдагы №8-8-7-96 каты менен берилген протести Кыргыз Республикасынын Жогорку Арбитраждык сотунун Президиумунун 16.07.1996-жылдагы №1 токтому менен канааттандырылып жокко чыгарылгандыгы эске алынган эмес.

Жогорудагы белгиленгендерди эске алуу менен, Ч. Айтматов 56 дарегинде жайгашкан административдик имараттын уланган бөлүгүн (конференц-зал жана ашкана, жалпы аянты 2500 кв.метр) 2010-жылы соттордун чечимдери менен Университеттин ээлигинен ажыратып “Фермер” дыйкан чарбасы менен “Эмгек” айылчарба кичи ишканасынын пайдасына кайтарып берген маселеси кайрадан кароого жатат.

**Корутунду**

“Манас” университеттин пайдалануусундагы жер участогуна курулуп, пайдаланууга берилген бухгалтердик эсепке алына элек 3 курулуш объектиси бар экендиги аныкталды.

Аудит, Ч. Айтматов 56 дарегинде жайгашкан административдик имараттын уланган бөлүгүн (конференц-зал жана ашкана, жалпы аянты 2500 кв.метр) 2010-жылы соттордун чечимдери менен Университеттин ээлигинен ажыратып “Фермер” дыйкан чарбасы менен “Эмгек” айылчарба кичи ишканасынын пайдасына кайтарып берген маселесин бул имараттын бөлүгүнүн наркы мүлк ээлерине 1998-жылы толук төлөнүп берилгендигин жана менчиктештирүү мыйзам бузуулар менен жүргүзүлгөндүгүн эске алуу менен кайрадан кароого жата тургандыгын белгилейт.

**Сунуштама**

Университеттин пайдалануусундагы жер участогуна курулуп, пайдаланууга берилген курулуш объектилерин жана окуу жайдын менчигине сатып берилген объектилердин эсебин жүргүзүү маселелери каралсын.

Ч. Айтматов 56 дарегинде жайгашкан административдик имараттын уланган бөлүгүн (конференц-зал жана ашкана, жалпы аянты 2500 кв.метр) 2010-жылы соттордун чечимдери менен Университеттин ээлигинен ажыратып “Фермер” дыйкан чарбасы менен “Эмгек” айылчарба кичи ишканасынын пайдасына кайтарып берген маселесин бул имараттын бөлүгүнүн наркы мүлк ээлерине 1998-жылы толук төлөнүп берилгендигин жана менчиктештирүү мыйзам бузуулар менен жүргүзүлгөндүгүн эске алуу менен кайрадан кароого укук коргоо органдарына жөнөтүү сунушталат.

**Аныкталды**

**Ысык-Көл МУнун** кампасындагы товардык материалдык баалуулуктардын сакталуусу боюнча 2026-жылдын 2-апрелинде тандап алуу жолу менен бухгалтериялык документтердин негизинде капысынан кайра саноо жүргүзүү учурунда жалпысынан ТМБ ашыкчасы 1,6 миң сомго, ал эми ТМБ жетишпестиктери жалпысынан 66,4 миң сомду түздү. Аудит учурунда жалпы 66,4 миң сомдук жетишпестиктер жооптуу кызматкер тарабынан калыбына келтирилди. Ал эми ТМБ ашыкчасы 1,6 миң сом аудит учурунда кампага кириштелди.

"Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 182-пунктунун талаптары сакталбастан, **Ысык-Көл МУ** 2025-жыл ичинде сатып алган 13 273,9 миң сомдук негизги каражаттар, жабдуулар жана инвентарларга негизги каражаттарды эсепке алуунун жана сакталышын контролдоону уюштуруу үчүн он эки белгиден турган инвентардык номерлер коюлбаганы аныкталды.

**Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө" жобонун негизги каражаттардын эсебин инвентардык номерлерди коюу менен жүргүзүү талабы жана материалдык запастардын талаптагыдай эсепке алынышы жана сакталышы камсыз кылынган эмес.

**Сунуштама**

Негизги каражаттардын жана материалдык баалуулуктардын сакталуусу катуу көзөмөлгө алынсын, жогорудагы кем чыгууларга жол берген жооптуу кызматкерге чара көрүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын так сактоо менен негизги каражаттарга инвентардык номерлерди коюу иштерин аткарсын жана тиешелүү кызматкерлерге чара колдонсун.

**Аныкталды**

Ысык-Көл МУнун балансында эскилиги жетип, жараксыз абалда, баланстык баасы жок транспорт каражаттары бүгүнкү күнгө чейин эсептен чыгарылбай келет.

Ошондой эле, Бишкек автомобил-жол колледжинин балансында эскилиги жетип, жараксыз абалда, баланстык баасы жок 3 транспорт каражаты (1984-жылы чыгарылган Ауди 80, 1992-жылы чыгарылган Ниссан микро, 1975-жылы чыгарылган ГАЗ-5204) бүгүнкү күнгө чейин эсептен чыгарылбай келет.

**Корутунду**

Ысык-Көл МУ жана Бишкек автомобил-жол колледжи тарабынан эскилиги жетип, жараксыз абалга келген жана баланстык наркы жок транспорт каражаттары өз убагында бухгалтердик эсептен чыгарылган эмес.

**Сунуштама**

Ысык-Көл МУ жана Бишкек автомобил-жол колледжи Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигине жана Илим, жогорку билим жана инновация министрлигине билдирүүлөр менен эскилиги жетип, жараксыз абалда болгон транспорттук каражаттарын эсептен чыгаруу боюнча иш алып барсын.

**Аныкталды**

**Ош МПУ** тарабынан жалпы **16 622,3** миң сом өлчөмүндөгү каражат капиталдык оңдоп-түзөө иштерине жумшалганына карабастан, 3111 “Имарат жана курулмалар” беренеси боюнча эсепке алынбай, 2221 “Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” беренеси боюнча чыгышталып, натыйжада негизги каражаттардын баланстык баасы тиешелүү өлчөмдө жогорулатылган эмес.

Аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча негизги каражаттардын баасын 16 622,3 миң сомго жогорулатуу боюнча тиешелүү өзгөрүүлөр жүргүзүлдү.

**КМУ** боюнча жалпы **19 020,4 миң сом** өлчөмүндөгү каражат капиталдык оңдоп-түзөө иштерине жумшалганына карабастан, 3111 “Имарат жана курулмалар” беренеси боюнча эсепке алынбастан, 2221-беренеси боюнча чыгышталып, натыйжада негизги каражаттардын балансттык баасы тиешелүү өлчөмдө жогорулатылган эмес.

Аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча негизги каражаттардын баасын 19 020,4 миң сомго жогорулатуу боюнча бухгалтердик эсепге тиешелүү өткөрүүлөр жүргүзүлүп, **19 020,4** миң сомго көбөйтүлүп бухгалтердик маалымкат түзүлдү.

**Корутунду**

**Ош МПУ** боюнча **16 622,3** миң сом жана **КМУ** боюнча **19 020,4** миң сом өлчөмүндөгү каражаттар капиталдык оңдоп-түзөө иштерине жумшалганына карабастан, 3111 “Имарат жана курулмалар” беренеси боюнча эсепке алынбай, 2221 “Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” беренеси боюнча чыгышталып, натыйжада негизги каражаттардын баланстык баасы тиешелүү өлчөмдө жогорулатылган эмес. Аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсеп боюнча негизги каражаттардын наркы жогорулатылды.

**Сунуштама**

Бюджеттик чыгымдардын эсебин жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы миңистрлигинин 2024-жылдын 22-январдагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча Жобонун” 143-пунктунун (чыгымдарды капитализациялоо) талаптары сакталсын, бузууга жол берген **Ош МПУ** жана **КМУ**нун тийиштүү кызматкерлеринин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

**Көркөм сүрөт колледжи** боюнча 2025-жылы 239,7 миң сомго сатып алынган негизги каражаттар балански кириштелген эмес. Аудит учурунда балански алынган.

**Кара-Балта техникалык-экономикалык колледжи** боюнча 2025-жылы 2222 "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу".беренесинин эсебинен 60,6 миң сомго сатып алынган негизги каражаттар бухгалтердик эсепке кириштелбестен негизсиз чыгышталган. Аудит учурунда балански алынган.

**Корутунду.**

2025-жылы 2222 "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу".беренесинин эсебинен алынган негизги каражаттар кириштелбестен чыгышталып кеткен.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун негизги каражаттардын эсебин жүргүзүү талаптарынын аткарылышы көзөмөлдөнсүн, бузууга жол берген **Көркөм сүрөт колледжи** жана **Кара-Балта техникалык-экономикалык колледжинин** тийиштүү кызматкерлеринин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды**

Аудиттин жүрүшүндө жаран А.А.Кыйгырованын "Кытай Хенань Униворститети жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин (м.а. КУУ) алдындагы Жибек Жолу Институту" (м.а. - Институт) тууралуу кайрылуусундагы маалыматтар каралды. КУУ тарабынан берилген маалыматка ылайык, ректордун 2025-жылдын 16-июлундагы №334 буйругу менен Институттун ишинин айрым маселелерин изилдөө боюнча комиссия түзүлгөн. Комиссиянын ишинин жыйынтыктары 2025-жылдын 8-сентябрындагы №01/1202 каты менен тиешелүү кароо жана укуктук баа берүү үчүн Кыргыз Республикасынын УКМКсына өткөрүлүп берилген. Кыргыз Республикасынын УКМКсынын тергөөчүсүнүн 2025-жылдын 21-октябрындагы токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин 2025-жылдын 28-октябрындагы №236 буйругу менен Институттун ишин изилдөө боюнча комиссия түзүлгөн. Министрликтин комиссиясынын ишинин жыйынтыгы боюнча Инститтун уюштуруу документиндеги карама-каршылыктар, Институттун укуктук статусундагы жана анын ишиндеги укуктук белгисиздиктер, ошондой эле мамлекеттик мүлктү пайдаланууга байланышкан кемчиликтер белгиленген.

КУУнун берген маалыматына ылайык, Институт КУУ менен Кытайдын Хенань Универститетинин ортосунда кол коюлган келишимдин (2020-жылдын 19-сентябрында кол коюлган) алкагында түзүлгөн. Бул маалымат ошондой эле Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин Кыргыз Республикасынын Президентинин

Админстрациясына жөнөтүлгөн 2025-жылдын 28-ноябрындагы №109 каты менен да тастыкталат. Бирок КУУ аталган келишимге кол коюуну Кыргыз Республикасынын кызыкдар мамлекеттик органдары менен макулдашуу жүргүзүлгөндүгү тууралуу маалымат бера алган эмес. Ошол эле учурда, аталган келишимдин алкагында КУУ Институттун ишине байланыштуу милдеттенмелерди алган. Институтту түзүү жана каттоо жөнүндө 2021-жылдын 14-апрелиндеги чечимге ылайык, КУУ жана Кытай Эл Республикасынын жараны Субай Анабиеке уюштуруучу катары чыгышкан. Уюштуруу документтериндеги карама-каршылыктарды жоюу масатында, уюштуруучулардын 2023-жылдын 13-январындагы чечимине ылайык, Институт уюштуруучулардын курамынын өзгөргөндүгүнө байланыштуу юстиция органдарында кайра каттоодон өткөн. Институттун уюштуруучулары катары КУУ жана Кытайдын Хенань Универститети деп аныкталган. Белгилеп кетүүчү жагдай, Институттун юстиция органдарында кайра каттоодон өткөнгө чейин иштеп келген уставы аудитке берилген эмес.

Аудит белгилейт, Институт КУУнун катышуусу менен түзүлгөнүнө карабастан, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин юридикалык жак жана уюштуруучулу-укуктук формасы тууралуу маалыматына ылайык, Инститтун менчик формасы - жеке менчик. Мындан тышкары, Институттун Уставынын 1.1-пунктуна ылайык, Институт Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүчү мамлекеттик уюму деп каралган. Бул карама-каршылыктар, мурда Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин 2025-жылдын 28-октябрындагы №236 буйругу менен түзүлгөн комиссия белгилегендей, укуктук белгисиздикти жана карама-каршы келген укук колдонуу практикасын жаратууда.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 6-июлундагы № 404-тескемесине ылайык, Институтка Бишкек шаары, Манас проспектиси 66 дарегинде жайгашкан, КУУнун балансында турган төртүнчү окуу корпусунун үчүнчү кабатындагы жалпы аянты 1016 чарчы метр (үчүнчү кабаттагы жай – 896 чарчы метр жана жер төлөдөгү жай – 120 чарчы метр) жайларды акысыз пайдалануу укугу берилген. Бул жайлар билим берүү максатында, акысыз пайдалануу келишими күчүнө кирген күндөн тартып 3 жылдык мөөнөткө, бардык коммуналдык кызматтарды жана аларды күтүүгө кеткен эксплуатациялык чыгымдарды Инститтун эсебинен төлөө, ошондой эле жайлардын абалын жакшыртуу, реконструкциялоо, капиталдык жана кезектеги оңдоо иштерин жана чектеш аймакты көрктөндүрүүнү Институттун каражаттарынын эсебинен өз алдынча жүргүзүү шарты менен пайланууга берилген. Аталган тескеме акысыз пайдалануу жөнүндө келишим түзүүнү көрсөтүп турат. Бирок бул келишим КУУ тарабынан аудитке берилген эмес. Белгилей кетсек, Институт тарабынан жайды пайдалануу маселеси Кыргыз Республикасынын УКМКнын Башкы тергөө башкармалыгынын каты боюнча Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ички аудит кызматы тарабынан (Ички аудит кызматынын 2025-жылдын 28-октябрындагы отчет,

КР УКМКнын БТБнын 2025-жылдын 22-сентябрындагы чыгыш №15/11913 каты), ошондой эле жогоруда аталган комиссиялар тарабынан каралган. КУУнун аудитке берген маалыматына ылайык, жогоруда аталган жай Институтка ректордун 2023-жылдын 11-сентябрындагы №388 буйругуна ылайык өткөрүп берүү актысынын негизинде өткөрүлүп берилген. Жайды кабыл алуу-өткөрүү күнүнөн тартып Институт тарабынан коммуналдык кызматтар жана аларды күтүүгө кеткен эксплуатациялык чыгымдар төлөмдөр үчүн 6 667,6 миң сом жүргүзүлгөн эмес.

Аудиттин жүрүшүндө "Кыргыз Республикасынын академик Т.Садыков атындагы Улуттук сүрөт академиясы" мекемесинин 2025-жылдын 1-декабрындагы № 13 буйругуна негиз мекеменин балансында турган негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктарга инвентаризация жүргүзүлгөн. Бирок Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик Мүлктү башкаруу боюнча фонддун 2017-жылдын 24-февралындагы №1 буйругунун №2 тиркемесиндеги "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Мүлкүнүн бирдиктүү реестрин жүргүзүү боюнча методикалык нускамалар" жөнүндөгү жоболорунун талаптары сакталбастан, мекеменин негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктарын "мамлекеттик мүлктү катоо бирдиктүү реестри" ведомостволор аралык автоматташтырылган маалымат системасынын (МАИС ЕРГИ) базасына киргизилген эмес.

**Корутунду**

Аудиттин жүрүшүндө КУУ алдындагы Жибек Жолу институтун түзүү жана анын ишмердүүлүгүндө укуктук карама-каршылыктар, мамлекеттик органдар менен макулдашуу тартибинин сакталбагандыгы, мамлекеттик мүлктү пайдалануудагы кемчиликтер жана коммуналдык төлөмдөрдүн төлөнбөгөндүгү аныкталган. Ошондой эле, Улуттук сүрөт академиясында негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктар мамлекеттик мүлктүн бирдиктүү реестрине киргизилбегени белгиленген.

**Сунуштама**

КУУ алдындагы Жибек Жолу институтун түзүү жана анын ишмердүүлүгүндө укуктук карама-каршылыктарды жана мамлекеттик мүлктү пайдалануудагы кемчиликтерди жоюу, коммуналдык төлөмдөрдүн ордун толтуруу иштери жүргүзүлсүн жана укуктук баа берүү үчүн укук коргоо органдарына жөнөтүү маселеси каралсын.

Улуттук сүрөт академиясы боюнча мекеменин балансында турган негизги каражаттар менен товардык-материалдык баалуулуктарды "Мамлекеттик мүлктү катоо бирдиктүү реестри" ведомостволор аралык автоматташтырылган маалымат системасынын (МАИС ЕРГИ) базасына киргизүү камсыздалсын.

**Аныкталды.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык материалдык

баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускамага” ылайык товардык-материалдык баалуулуктардын нормативи боюнча запастык бөлүктөрдүн ашыкча кору Министрликтин түзүмдүк бөлүнүштөрү тарабынан жалпы 3 423,9 миң сом суммасында аныкталды (тиркеме 3).

**Корутунду**

2025-жылдын жыйынтыгы боюнча министрликтин түзүмдүк бөлүнүштөрү тарабынан жалпы 3 423,9 миң сом суммасында товардык-материалдык баалуулуктардын нормативи боюнча запастык бөлүктөрдүн ашыкча кору аныкталды.

**Сунуштама.**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги, кредиттердин башкы тескөөчүсүнүн отчетторун кароо боюнча иштер аяктагандан кийин, 2025-жылга республикалык бюджеттин аудитинин жыйынтыктары боюнча эсепке алынган каражаттарды эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, “Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык запастарын жана эсептешүүлөрдөгү каражаттардын калдыктарын эсепке алуу тартиби жөнүндө” нускамага ылайык, товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык запастарын жана эсептешүүлөрдөгү каражаттарды эсепке алууну камсыз кылсын.

***Коммуналдык чыгымдарга жана тамак-аш азыктарына бекитилген ченемдердин сакталышы***

**Аныкталды.**

Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 05.04.2023-жылдагы №158-т тескемесинин негизинде Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим жана инновациялар министирлигинин буйругу менен бекитилген коммуналдык кызматтар боюнча керектөө лимитинен ашык чыгымдарды электр жарыгы боюнча министрликке караштуу 19 мекеме 67785,6 миң сомго, жылуулук энергиясы боюнча 4 мекеме 14532,8 миң сомго, жалпы 82318,4 миң сомго жүргүзгөн.

**Корутунду.**

Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 05.04.2023-жылдагы №158-т тескемесинин негизинде Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим жана инновациялар министирлигинин буйругу менен бекитилген коммуналдык кызматтар боюнча керектөө лимити министрликке караштуу 4-тиркемеде көрсөтүлгөн мекемелер тарабынан толук сакталган эмес.

**Сунуштама.**

Министрликке караштуу 4-тиркемеде көрсөтүлгөн мекемелер тарабынан бекитилген коммуналдык кызматтар боюнча керектөө лимитин сактоо,

лимиттен ашык чыгымдар талдоого алынып, жыйынтыгы боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды**

**Ош МПУнун алдындагы мектепке чейинки билим берүү мекемесинде** 2025-жыл ичинде тамак-ашка кеткен факты чыгым 3 349,3 миң сомду түзгөн. Бала/күнүнүн саны 34 085 болуп, калькуляцияда бекитилген орточо өздүк нарк 71,83 сом деп белгиленген. Бирок, факты жүзүндө бир бала/күнүнө кеткен чыгым 98,23 сомду түзгөн. Мунун натыйжасында калькуляцияда бекитилген көрсөткүчтөн 26,4 сомго ашыкча чыгымдалган. Жалпы эсеп менен 900,1 миң сом өлчөмүндө каражат ашыкча сарпталып, бюджеттик каражаттар рационалдуу эмес колдонулган.

**Корутунду**

**Ош МПУнун алдындагы мектепке чейинки билим берүү мекемесинде** 2025-жыл ичинде тамак-ашка кеткен жалпы эсеп менен 900,1 миң сом өлчөмүндө бюджеттик каражат ашыкча сарпталган.

**Сунуштама**

Ош МПУнун алдындагы мектепке чейинки билим берүү мекемесине тамак-ашка кеткен чыгымдардын калькуляцияда бекитилген өздүк наркка ылайык сакталышы камсыз кылынып, аныкталган 900,1 миң сом өлчөмүндөгү ашыкча чыгымдардын келип чыгуу себептери талданып, тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Мамлекеттик сатып алууларга талдоо жана аудит жүргүзүү**

**Аныкталды**

Окуу жайларында мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболору жөнүндө ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактабаган фактылар аныкталды. Тактап айтканда:

- сатып алуулар бөлүмүн түзүү;
- сатып алуулар планын түзүү жана аны веб-порталга жайгаштыруу;
- сатып алуулардын көлөмүн жана суммасын так аныктоо;
- сатып алынуучу товарлардын, иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы боюнча рыноктук талдоо жүргүзүү;
- башка потенциалдуу жеткирүүчүлөрдөн сунуштарды суроо-талап кылуу жана аларды кароо;
- ошондой эле башка талаптарды сактоо боюнча мыйзам бузуулар аныкталган.

Мындай фактылар төмөнкү окуу жайларында аныкталган: Ысык-Көл мамлекеттик университетинде, Кара-Көл педагогикалык колледжинде, Кара-Күл шаарындагы КМТУда, Аксы колледжинде, Кочкор-Ата колледжинде, Майлуу-Суу колледжинде, Таш-Көмүр институтунда, ОшТУда, “Баткен мамлекеттик университетинин Көп тармактуу колледжинде”, Т. Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-кен техникалык инновациялык-экономикалык колледжинде, Баткен мамлекеттик университетинин Сүлүктү педагогикалык жана коммуникациялык колледжинде, Академик Т.Садыков атындагы Кыргыз

Республикасынын Улуттук сүрөт Академиясына караштуу көркөм сүрөт колледжинде, Жогорку аттестациялык комиссияда жана КЭУда.

“Манас” университети тарабынан өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы боюнча “Делион” ЖЧКсы менен 225,7 миң сомдук келишим жабдуулардын соода маркалары жана моделдери көрсөтүлбөстөн түзүлгөн.

КМТУнун Токмок шаарындагы филиалы тарабынан 150,0 миң сом суммасына тышкы электр менен камсыздоо иштерин сатып алуу боюнча өткөрүлгөн конкурста 128,4 миң сом сунуштаган жалгыз катышуучу – “Абсолют Строй” ЖЧКсы жеңүүчү деп табылган. Бирок конкурстук документтерге карата мыйзамда белгиленген 2 күндүк мөөнөттө даттануу берилбегенине карабастан, КМТУ аткарылуучу иштер дефекттик актыда көрсөтүлгөн иштерге ылайык келбейт деген негиз менен келишим түзүүдөн баш тарткан.

КМТУнун Кызыл-Кыя шаарындагы филиалы тарабынан китеп сатып алуу боюнча өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгында 96,7 миң сом сунуштаган “ДЗМ КР” ЖЧКсы жеңүүчү деп табылган. Бирок ага бир нече жолу чакыруу жөнөтүлгөнүнө карабастан, келишим түзүлгөн эмес. Натыйжада конкурс өтпөй калды деп табылган. Андан кийин китептер “Раритет-С” ЖЧКсынан түз сатып алуу жолу менен 135,8 миң сомго сатылып алынган. Белгилей кетүүчү жагдай, аталган конкурска 105,0 миң сом сунуштаган “Лено Электроника” ЖЧКсы да катышкан.

Бишкек архитектура жана курулуш колледжи тарабынан 397,8 миң сом суммасына видеокөзөмөл тутумдарын сатып алуу жана орнотуу боюнча баа сунуштарын суроо ыкмасы менен конкурс өткөрүлгөн. Конкурстун жеңүүчүсү болуп 316,0 миң сом сунуштаган жеке ишкер Усенов Б.С. табылган. Бирок жеке ишкер Усенов Б.С. финансылык кыйынчылыктарга байланыштуу жабдууларды жеткирүүдөн баш тарткан. Натыйжада келишим экинчи талапкер – жеке ишкер Гайнулин Р.Р. менен 378,8 миң сом суммасына түзүлгөн. Ошол эле учурда мамлекеттик сатып алуу жөнүндө келишим түзүүдөн баш тартканына карабастан, жеке ишкер Усенов Б.С. ак ниетсиз жеткирүүчүлөрдүн маалымат базасына киргизилген эмес.

Ош мамлекеттик педагогикалык университети тарабынан 2025-жылдын ичинде түз келишим түзүү ыкмасы менен жалпы суммасы 2 438,1 миң сомду түзгөн 5 сатып алуунун жыйынтыгы боюнча, сунуштарды кайрадан суроо жолу менен мониторинг жүргүзүлбөстөн жеткирүүчүлөр менен келишимдер түзүлгөн. Ошондой эле жеке ишкер Исраилова А.З.дан товарга шайкештик сертификаты жок болсо да 273,0 миң сомго жаңы жылдык белектер сатып алынган. Мындан тышкары, 523,6 миң сомдук эттин сапатын ырастаган ветеринардык-санитардык экспертизанын күбөлүгү башка адамдын атына берилгени аныкталган.

**Корутунду**

Билим берүү мекемелеринде мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүүдө мыйзам бузууларга жол берилген.

**Сунуштама**

Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүүдө мыйзам бузууларга жол берген окуу жайлардын тийиштүү кызмат адамдарынын жоопкерчилигин каралсын.

**Аныкталды**

Ош мамлекеттик университетинде 2025-жылы жүргүзүлгөн сатып алуулар боюнча келишимдердин аткарылышын камсыздоо үчүн жалпы суммасы 2 320,3 миң сом болгон камсыздоо төлөмдөрү депозиттик эсепке өндүрүлгөн эмес. Ошондой эле Жалал-Абад мамлекеттик университетинде жалпы суммасы 18 784,9 миң сомду түзгөн сатып алуу келишимдери боюнча кепилдик камсыздоо төлөмдөрү мекеменин депозиттик эсебине талап кылынган жана өндүрүлгөн эмес.

Өзгөн институтунда жеткирүүчүлөр тарабынан товарларды өз мөөнөтүндө жеткирбегендиги үчүн келишимдин аткарылышын камсыздоо суммасынан кармалган жалпы суммасы 20,2 миң сом өлчөмүндөгү туумдар Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 47-беренесине ылайык республикалык бюджетке которулууга тийиш болгонуна карабастан, которулган эмес.

**Корутунду**

Ош мамлекеттик университетинде жалпы суммасы 2 320,3 миң сомду түзгөн келишимдердин аткарылышын камсыздоо төлөмдөрү депозиттик эсепке өндүрүлгөн эмес. Жалал-Абад мамлекеттик университетинде жалпы суммасы 18 784,9 миң сомду түзгөн сатып алуулар боюнча кепилдик камсыздоо төлөмдөрү талап кылынган жана өндүрүлгөн эмес.

Өзгөн институтунда товарды жеткирүү мөөнөтүн кечиктиргендиги үчүн эсептелген жалпы суммасы 20,2 миң сом өлчөмүндөгү туум республикалык бюджетке которулган эмес.

**Сунуштама**

Ош мамлекеттик университетинин жана Өзгөн институтунун келишимдердин аткарылышын камсыздоо боюнча төлөмдөрдүн депозиттик эсептерге чегерилишин камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилигин каралсын.

Кыргыз Республикасынын “Бюджеттик кодексинин” талаптары сакталсын, контракт боюнча кошуп эсептелген 20,2 миң сом үстөктөр жана айып пул санкциялары республикалык бюджетке которулсун.

**Аныкталды**

Кыргыз экономикалык университетинде (КЭУ) Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 9-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1-пунктун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү” Тартибинин 56-пунктун сактабастан, түз сатып алуу методун колдонууну негиздеген буйруктар жана берүүчүнүн рынокто болушуна жана баага мониторинг жүргүзгөн материалдар жок түз сатып алуулар 2024-жылы – 8372,8 миң сомго (товарлар – 5585,5 миң сомго, кызматтар – 2042,1 миң сомго,

отчет берүүчүлөр аркылуу – 745,2 миң сомго), 2025-жылы - 5992,5 миң сомго (товарлар – 1626,5 миң сомго, кызматтар – 3343,8 миң сомго, отчет берүүчүлөр аркылуу – 1022,2 миң сомго), жалпы 14365,3 миң сомго жүргүзүлгөн. Айрым катышуучулардын сунуштары демпингдик баа катары четке кагылган, бирок бул боюнча себептер протоколдо көрсөтүлгөн эмес. Ошол эле учурда айрым башка келишимдер демпингдик баанын негиздүүлүгү жана катышуучунун сунушталган шарттарда келишимди аткаруу мүмкүнчүлүгү боюнча түшүндүрмө талап кылынбастан түзүлгөн.

Утуучу деп таанылып келишим түзбөгөн “МКСА” ЖЧКсын 99,9 миң сомго жана “Азия Комерц” ЖЧКсы 79,99 миң сомго “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 5-беренесинин 2-пунктуна ылайык ак ниет эмес берүүчүлөрдүн реестрине киргизүүнү демилгеленген эмес. “Азия Комерц” ЖЧКсынан 1922 сом берүүчүнүн сунушун кепилдик камсыздоо суммасы алынган эмес.

Жеке ишкер Н.Р. Израиловадан 01.11.24-жылы №45 накладной менен конкурс өткөрбөстөн компьютер жабдыктары 361,4 миң сомго сатып алынган.

2025-жылы өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгында “Монтера Групп” ЖЧКсы жалпы суммасы 2 796,6 миң сомдук компьютерлерди жеткирүү боюнча жеңүүчү деп табылган. Аудиттин жүрүшүндө SSD маалымат топтоочу түзүлүшү конкурска сунушталган спецификациядагы техникалык талаптарга жооп бербегени аныкталган. Аудит жүргүзүлгөн учурда университет тарабынан жалпы суммасы 1 735,2 миң сомду түзгөн 35 компьютер кабыл алынган эмес. Ошону менен бирге товарды өз убагында жеткирбегендиги үчүн финансылык санкциялар эсептелген эмес жана кепилдик камсыздоо суммасын кармоо менен келишимди жокко чыгаруу боюнча чаралар көрүлгөн эмес. Мындан тышкары, зарылдыгы ырасталбастан сатып алынган жалпы баасы 34,7 миң сом болгон 25 мобилдик карта ушул убакка чейин пайдаланылган эмес.

Өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгында “Нэопрофит” ЖЧКсы жеңүүчү деп табылып, жалпы суммасы 107,0 миң сом болгон 2 кресло сатып алынган. Конкурска берилген спецификациясында креслолордун фирмалык белгилери көрсөтүлгөн, бул Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболорун жүргүзүүнүн тартибинин” талаптарына жол берилбеген жагдай болуп саналат.

Түз келишимдин негизинде “Кыргыз коомунун майыптар уюму” коомдук бирикмесинен 440,6 миң сомго эмерек сатып алынган. Бирок Кыргыз Республикасынын Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен макулдашылып, бекитилген товарлардын тизмесинде баасы көрсөтүлгөн эмес. Ошондой эле, 2025-жылы товарлардын тизмесинде курулуш-ондоо иштери каралбаганына карабастан, түз келишимдин негизинде жалпы суммасы 881,4 миң сомдук капиталдык оңдоо иштери жүргүзүлгөн.

**Корутунду**

Кыргыз экономикалык университетинде конкурс өткөрбөстөн сатып алуулар жүргүзүлгөн, мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүүдө мыйзам бузууларга жол берилген, ошондой эле товарларды өз убагында жеткирбеген жеткирүүчүлөргө карата мыйзамда каралган чаралар камсыздалган эмес.

**Сунуштама**

Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүүдө мыйзам бузууларга жол берген, ошондой эле товарларды өз убагында жеткирбеген жеткирүүчүлөргө карата тиешелүү чараларды көрбөгөн Кыргыз экономикалык университетинин кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды.**

***КЭУга караштуу Мусакожоев Шайлообектин инновациялык экономика илим-изилдөө институтунда*** (ИЭИИИ) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү" Тартибинин 56-пунктунда көрсөтүлгөн түз сатып алуу ыкмасын колдонууну негиздеген буйруктар түзүлбөстөн жана сатып алуу бааларына мониторинг жүргүзүлбөстөн 2024-2025-жылдары - 896,1 миң сомго түз келишим менен сатып алуулар жүргүзүлгөн.

***КЭУга караштуу Экономика илимий-изилдөө институту*** (ЭкИИИ) тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү" Тартибинин 56-пунктунда көрсөтүлгөн түз сатып алуу ыкмасын колдонууну негиздеген буйруктар түзүлбөстөн жана сатып алуу бааларына мониторинг жүргүзүлбөстөн 2024-жылы - 218,4 миң сомго, 2025-жылы - 318,2 миң сомго түз келишим менен сатып алуулар жүргүзүлгөн.

***"Инновациялык борбору" мамлекеттик мекемеси*** тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү" Тартибинин 56-пунктунда көрсөтүлгөн түз сатып алуу ыкмасын колдонууну негиздеген буйруктар түзүлгөн эмес, түз сатып алуулар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин алдындагы "Сатып алуулар борбору" мамлекеттик мекемеси аркылуу жүргүзүлгөн.

**Корутунду.**

ИЭИИИ, ЭкИИИ жана Инновациялык борбору тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү" Тартибинин 56-пунктунда көрсөтүлгөн түз сатып алуу ыкмасын колдонуу бөлүгү сакталган эмес.

**Сунуштама.**

ИЭИИИ, ЭкИИИ жана Инновациялык борбору тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү” Тартибинин 56-пунктунда көрсөтүлгөн түз сатып алуу ыкмасын колдонуу бөлүгүн сактоо камсыздалсын.

**Курулуш-оңдоо иштери боюнча бузуулар жана кемчиликтер Аныкталды**

2025-жылы министрликке караштуу окуу жайларында аткарылган курулуш-оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аткарылган жумуштардын көлөмүн жогорулатуу фактысы жалпы 11256,7 миң сом суммасында аныкталган, анын ичинен: ОшМУда – 5102,4 миң сомго (2163,5 миң сому ордуна коюлган), Ош МПУда – 903,3 миң сомго, Кыргыз-Өзбек университетинде – 1226,8 миң сомго, БаткенМУда – 1170,5 миң сомго, Кочкор-Ата колледжинде – 77,6 миң сомго, КЭУда – 187,5 миң сомго, БМУда – 74,6 миң сомго, Бишкек автомобил-жол колледжинде – 17,7 миң сомго, КМУда – 1271,3 миң сомго, КМТУда – 121,9 миң сомго, КУУда – 1077,7 миң сомго, КУАУда – 25,5 миң сомго. Мындан сырткары, КЭУда 502,0 миң сомго сметада каралбаган келишимдик баада аткарылган жумуштар аныкталган. Тиркеме №5.

**Корутунду.**

2025-жылы министрликке караштуу окуу жайларында аткарылган курулуш-оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча аткарылган жумуштардын көлөмүн жогорулатуу фактысы жалпы 11256,7 миң сом суммасында аныкталган, ошондой эле 502,0 миң сомго сметада каралбаган келишимдик баада жумуштар аткарылган.

**Сунуштама.**

- Билим берүү мекемелеринде аудит тарабынан аныкталган иштердин наркынын 6 379,3 миң сом суммасында негизсиз жогорулатылган бөлүгүн 5-тиркемеде көрсөтүлгөн подрядчы уюмдардан өндүрүү камсыздалсын.
- Сметада каралбаган иштер аткарылган учурда, алар белгиленген тартипте “Наряд-заказ”, кошумча смета жана тиешелүү макулдашуу документтери менен таризделсин.
- Подряддык иштер боюнча сметалык жана аткаруу документтеринин толук жүргүзүлүшү камсыздалып, техникалык көзөмөлдүн жоопкерчилиги күчөтүлсүн.
- ОшМУда 2713,9 миң сомго курулуш-оңдоо иштеринин көлөмдөрүн жогорулатылган фактысын эске алуу менен, мамлекеттик экспертизадан өткөн долбоордук-сметалык документациянын негизинде аткарылган иштердин актысы кайрадан түзүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **З.А. Сатаев**